# Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинде жана анын ведомстволук уюмдарында 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылдын 17-сентябрындагы №06-1/574,, 6-октябрындагы № 09-1/625 (2026-жылдын 26-январындагы № 09-1/58 буйругунун редакциясында) буйругуна ылайык, 2024-жылга Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинде (2024-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги) жана анын ведомстволук уюмдарында бюджетинин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тараптар жана аудит субъекттери**

Ушул аудитке карата жооптуу тарап жана аудиттин субъектилери болуп Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги (мындан ары - Министрлик) жана анын түзүмдүк, ведомстволук уюмдары менен мекемелери эсептелет.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Министрликтин жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдеттери**

Аудитордун жана аудит тобунун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде аудит предметинин тиешелүү аудит критерийлерине ылайыктуулугу боюнча өз алдынча корутундуга келүү.

Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде шылуундуктун же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу дал келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудиттин аткарылуучу жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчётто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейбиз.

**Аудиттин предмети жана критерийлери**

Аудиттин предмети болуп Министрликтин ишин укук белгилөөчү ченемдик укуктук актыларда бекитилген максаттарга жана милдеттерге жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келиши эсептелет.

Көрсөтүлгөн мезгил ичинде аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер төмөндөгүлөр болду:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча берилген жазма буйруктардын жана сунуштамаларынын аткарылышын талдоо;
- Программалык бюджеттин аткарылышы;
- бюджеттик каражаттардын жана атайын эсептик каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын сметаларынын аткарылышын талдоо;
- Мамлекеттик сатып алууларды талдоо;
- ченемдик укуктук актыларга ылайык эмгек акыга жана башка төлөмдөргө, штаттык ырааттаманын туура түзүлүшүнө жана эмгек акы фондунун түзүлүшүнө аудит;
- кассалык жана казыналык операцияларга аудит;
- командировкалык чыгымдардын аудити, отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөр;
- негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктарга, так отчеттуулук бланктарына, ТМБнын ченемден ашыкча запастарына жана эсептөөлөрдөгү каражаттарга аудит;
- транспорттук каражаттардын лимиттеринин сакталышын жана транспортторду эксплуатациалоого аудит;
- ижара мамилелерине аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздардын пайда болушуна аудит; бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалын талдоо;
- бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалын баалоо;
- Министрлик тарабынан ишке ашырылып жаткан инвестициялык долбоорлоруна аудит.

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Салык кодекси.

**Кыргыз Республикасынын мыйзамдары:**

-“Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө”;

-“Билим берүү жөнүндө”;

-“Көзөмөлчүлүк Кеңеши жөнүндө”;

-“Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө”;

-“Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө”;

-“Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө”;

-“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө”;

-“Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” ж.б.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Министрлер Кабинетинин токтомдору:**

-Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы № 231 “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарын жана Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоо тартиби жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;

2022-жылдын 30-июнундагы №355 “Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндө”,

2013-жылдын 30-майындагы № 302 “Айыл аймактарынын жана шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринен каржылануучу билим берүү уюмдарын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин аймактык бөлүмдөрү аркылуу республикалык бюджеттен каржылоого которуу жөнүндө”,

2025-жылдын 31-майындагы №302 “Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө”,

2022-жылдын 30-мартындагы №181 “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлсрине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө”;

2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө”,

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 181 “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым

категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары боюнча жүргүзүлүшүн баалоо;

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин (Агартуу министрлиги) ишин жөнгө салуучу башка ченемдик-укуктук актылар.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Аудит тарабынан министрликтин иши билим берүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча функцияны камсыздаган, бюджеттен билим берүү тутумун каржылоо жана билим берүү тутумун натыйжалуу башкарууну камсыздоо, ошондой эле бөлүнгөн каражаттарды пайдалануу жана финансылык отчетту түзүү боюнча функцияларды камсыздаган мыйзам талаптарына туура келе турган маселелер изилденген.

Аудит өзүнө, бюджеттик каражаттар менен атайын эсептин каражаттары ченемдик актыларга ылайык жүргүзүлгөндүгүн тастыктаган корутундуну, жетиштүү жана талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жобону камтыйт.

Аудит, чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар жана сунуштар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай деп эсептейт.

Аудитке Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин (Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин) жана анын ведомстволук уюмдары камтылган.

**Аудит мезгилинде каражаттарды бөлүштүрүүчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелишкен:**

- биринчи кол коюу укугу менен:

Министр Д.Ш. Кендирбаева бүтүндөй аудит мезгилине;

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин биринчи орун басарлары:

- Б.Т. Супаналиев 2024-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 17-мартына чейин, М.А. Баймурзаев 2025-жылдын 17-мартынан тартып бүгүнкү күнгө чейин;

- экинчи кол коюу укугу менен:

Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмүнүн башчысы Б.М. Мураталиева бүтүндөй аудиттелген мезгилге.

**Аудит жүргүзүлүүчү субъектке кыскача мүнөздөмө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июлундагы №391 Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин маселелери жөнүндө токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын

Агартуу министрлиги жөнүндө жобого (мындан ары - Жобо) ылайык, Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги (мындан ары – Агартуу министрлиги) мектепке чейинки билим берүү, башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүү (мындан ары - жалпы билим берүү), кесиптик башталгыч билим берүү, кошумча кесиптик билим берүү жана балдарга, эрезеге жеткендерге кошумча билим берүү (мындан ары - кошумча билим берүү) чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча функцияларды, тиешелүү деңгээлдерде билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын мамлекеттик контролдоо, Кыргыз Республикасынын жарандарынын билим алууга конституциялык укуктарын камсыз кылуу боюнча функцияларды ишке ашыруучу аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органы болуп саналат.

Агартуу министрлигинин негизги максаты мектепке чейинки билим берүү, жалпы билим берүү, башталгыч кесиптик билим берүү, кошумча билим берүү жаатында мамлекеттик саясатты түзүү жана жүзөгө ашыруу, балдардын, жаштардын жана эрезеге жеткендердин билим алуу мүмкүнчүлүктөрүнүн жеткиликтүүлүгүн, сапатын жана теңдигин камсыз кылуу, ошондой эле башкаруу системасынын жол-жоболорун оптималдаштыруу жана санариптик трансформациялоо аркылуу билим берүү процессинин катышуучуларына туура келген административдик жүктү азайтуу болуп саналат.

**Маалымат иретинде:**

**Аудит жүргүзүлгөн 2024-жыл мезгилине:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-мартындагы №72 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө” жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги билим берүү, илим жана илимий-техникалык иш тармагында бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуучу жана билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүнө жана сапатына, Кыргыз Республикасынын жарандарынын билим алууга конституциялык укуктарынын камсыздалышына мамлекеттик көзөмөл жүргүзгөн аткаруу бийлигинин борбордук органы болуп эсептелген.

Министрлик өз ишин аймактык органдары, өзүнө караштуу мекемелер жана уюмдар аркылуу аткаруу бийлигинин башка органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер, илимий жана башка уюмдар менен байланышта ишке ашырган.

Министрликтин негизги максаты билим берүү, илим жана илимий-техникалык иштер, жаатындагы мамлекеттик саясатты түзүү жана ишке ашыруу.

“Билим берүү жана илим” сектору мамлекеттик билим берүү уюмдарынын кеңири тармагын камтыйт, анын ичинде: 1821 мектепке чейинки билим берүү уюму (мындан ары – МЧББУ); 2377 жалпы билим берүүчү мектеп; 71,9 миң бала билим алган 76 мектептен тышкаркы билим берүү уюму; 93 башталгыч кесиптик билим берүү уюму (мындан ары –

БКББ); 167 орто кесиптик билим берүү уюму (мындан ары – ОКББ); 89 жогорку окуу жайы (мындан ары – ЖОЖ); ошондой эле тармактык ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын карамагындагы 17 мамлекеттик илимий мекеме. Калган 37 илимий мекеме өлкөнүн ири жогорку окуу жайларынын курамында иш алып барат.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окутуу беш тилде жүргүзүлөт: кыргыз, орус, өзбек, англис жана тажик.

1668 мектепте окутуу бир тилде жүргүзүлөт, тагыраагы, кыргыз тилинде – 1368 мектепте, орус тилинде – 274, өзбек тилинде – 18, тажик тилинде – 3, англис тилинде – 5.

Мындан тышкары 709 мектепте аралаш тилде, анын ичинен 548 мектепте кыргыз жана орус тилдеринде жүрөт.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы**

**Аныктама жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, 2023-жылга бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине 2025-жылдын 24-сентябрындагы №01-20/88 жазма буйругун жана № 01-20/89 сунуштамасын жөнөткөн.

Жазма буйруктун 64 пунктунан 30 пункту аткарылган, 4,9,45,54, 56, 57 -пункту жарым-жартылай аткарылган жана 28 пункт аткарылган эмес же 56,3 пайызга аткарылган. Аткарылбаганы 28 пункт (16, 17, 18,19, 21, 22, 23, 24, 25,26, 27, 28, 29, 30, 31, 32, 33, 36,37, 38, 41, 42,44, 55, 60, 62, 63,64) орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн уюмдарына тиешелүү болгондуктан, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине өткөрүлүп берилген. Калган 6 пункту (алар: 36, 40, 44, 46, 55, 66) жакынкы арада аткарыла тургандыгын билдиришти.

6 пункт жарым-жартылай аткарылган, алар: 4, 9, 45, 54, 56, 57-пункттары.

***Эскертүү***

Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине 2026-жылдын 18-июнундагы №01-10/652 эскертүү каты жөнөтүлгөн.

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин уюмдарын лицензиялоо**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Мыйзамынын 15-беренесинин 56-бөлүгүнө ылайык лицензияланууга тийиш болгон иштин бир түрү болуп билим берүү иши (мектепке чейинки, жалпы баштапкы, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү, мектептен тышкаркы билим берүү программаларын жүзөгө ашыруучу мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынан жана

өзгөчө статуска ээ мамлекеттик билим берүү уюмдарынан башка) болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июлундагы № 391 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги жөнүндө" Жобого ылайык, Министрликтин негизги функцияларынын бири болуп Кыргыз Республикасынын лицензиялоо жөнүндө мыйзамдарында белгиленген тартипте лицензиялоону жүзөгө ашыруу болуп саналат.

2024-жылы Министрликтин лицензиялык кеңешинин 19-жыйыны өтүп, 238 билим берүү мекемесинин арызы каралган, анын ичинен 226 мекемеге лицензия берилген, 44 мекемеге лицензия берүүдөн баш тартылган. Лицензияланган 846 билим берүү программасы төмөнкүлөрдү түзгөн:

- 2 мектепке чейинки билим берүү;
- 20 башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүү мекемелери;
- 191 башталгыч кесиптик билим берүү программасы;
- 50 орто кесиптик билим берүү программасы;
- 63 жогорку кесиптик билим берүү программасы;
- 111 аспирантура программасы;
- 9 ординатура;
- 20 кошумча кесиптик билим берүү;
- 250 кошумча билим берүү программасы;
- 8 PhD базалык докторантура жана профилдик докторантура;
- 36 жогорку кесиптик билим берүү (бакалавриат);
- 38 жогорку кесиптик билим берүү (магистратура);
- 48 жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү;

Мындан тышкары, республикадагы санариптештүүрүнүн алкагында "АСУЛА" электрондук лицензиялык платформасы ((https://asula.edu.gov.kg) ишке киргизилген. Ага ылайык лицензиаттар билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө лицензия алуу үчүн электрондук форматта болгон.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинде жана анын түзүмдүк, ведомстволук уюмдары менен мекемелеринин жана мамлекеттик ишканаларынын каражаттарды пайдалануу төмөндө баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, жалпысынан бардык олуттуу аспекттерде мыйзамдын талаптарына шайкеш келери аныкталды.

## Министрликтин бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышы

"Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025-2026-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен (34 коду боюнча) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин бюджети 59 632 983,5 миң сомго бекитилген, анын ичинен: бюджеттик каражаттар боюнча 53 033 798,1 миң сом жана

атайын эсептин каражаттары – 5 392 548,1 миң сом, мамлекеттик инвестиция 1 206 637,3 миң сом, такталган бюджети 64 760 630,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен: бюджеттик каражаттар боюнча 56 563 657,9 миң сом, атайын эсептин каражаттары – 6 637 435,7 миң сом, мамлекеттик инвестиция 1 559 537,0 миң сом.

Кассалык чыгымдар 61 363 461,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен, бюджеттик каражаттар боюнча 55 273 172,4 миң сом, атайын эсептин каражаттары – 4 563 172,4 миң сом, мамлекеттик инвестиция 1 527 116,9 миң сом.

Кассалык чыгымдар такталган бюджетке караганда 3 397 168,9 миң сомго аз, бюджеттик каражаттар боюнча – 1 290 485,6 миң.сом, атайын эсептин каражаттары – 2 074 263,3 миң сом, мамлекеттик инвестиция 32 420,0 миң сом.

Бюджеттик каражаттардын эсебинен 55 273 172,4 миң сом кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн, анын ичинен төмөндөгү уюмдар боюнча:

- Министрликтин Борбордук аппараты -158 564,04 миң сом;
- билим берүү жана маданияттын ведомстволук мекемелери – 52 702 450,2 миң сом,
- ведомстволук илимий мекемелер – 206 467,7 миң сом;
- Министрликтин алдындагы Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдары - 2 184 286,8 миң сом;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы “Санариптик билим берүү борбору” мамлекеттик мекемеси - 21 403,7 миң сом.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Президентинин фондунан -86 764,5 миң сом.

Атайын эсептин каражаттары боюнча кассалык чыгымдар 4 563 172,4 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

-министрликтин Борбордук аппараты нда– 12 513,7 миң сом;
- билим берүү жана маданияттын ведомстволук мекемелери 4 389 105,5 миң сом;
- ведомстволук илимий мекемелер – 2 506,4 миң сом;
- Баштапкы кесиптик билим берүү – 159 046,8 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Отчеттук маалыматтарга ылайык, Министрликтин **борбордук аппаратынын** 2024-жылга атайын эсептин каражаттарынын иш жүзүндө түшкөн кирешеси 15 260,8 миң сомду түзгөн, 2024-жылдын 1-январына карата каражаттардын калдыгы 1 183,2 миң сом болгон.

. Чыгымдардын жалпы суммасы 12513,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен чыгымдардын жалпы көлөмүнөн 79,3% же 9 925,9 миң сом эмгек акыга, 13,7% же 1 712,8 миң сом Социалдык фонддун камсыздандыруу төгүмдөрүнө, 7,0% же 875,0 миң сом башка кызмат көрсөтүүлөрдү, товарларды сатып алууга чыгымдалган. Атайын каражаттардын 2024-жылдын аягына калдыгы 3 930,3 миң сомду түзгөн

Министрликтин борбордук аппаратынын атайын эсеп каражаттарынын киреше бөлүгү сертификат берүүдөн, демөөрчүлөрдөн, жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын 20% чегерүүсүнөн түзүлөт.

2024-жылы жогорку жана орто, кесиптик билим берүү уюмдарынан **14 908,9 миң сом** каражаты келип түшкөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы № 300 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө" Жобонун 10.1-пунктуна ылайык билим берүү уюмдарына акы төлөнүүчү кызматтардын наркынын эсебинен жогору турган органдарды жана оперативдүү башкарууда турган уюмдарды күтүүгө чегерүүлөрдү жүргүзүүгө тыюу салынган. Ошондой эле, Жобонун 13-пунктуна ылайык түшкөн киреше толугу менен билим берүү процессин камсыз кылууга чыгымдалышы көрсөтүлгөн.

Бирок, 2024-жылы Министрликтин борбордук аппаратына түшкөн атайын каражаттарынын 79,3% же 9 925,9 миң сом акча каражаты кызматкерлерге дем берүү үчүн сый акыга, 13,7% же 1 712,8 миң сом Социалдык фонддун камсыздандыруу төгүмдөрүнө, чыгымдалган.

Мындан сырткары, Министрлик менен ведомстволук уюмдарынын ортосундагы түзүлгөн башка каражаттарды чегерүү келишимдеринде 20% чегерүү каралган, бирок жогоруда аталган жобонун 13-пунктуна ылайык, билим берүүнүн акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин экономикалык негиздемеси болуп билим берүүчү уюмдун (мекеменин) тиешелүү кызмат көрсөтүүлөрүнө негиздүү чыгымдарынын негизинде аныкталуучу алардын өздүк наркы эсептелет. Прейскуранттын ар бир позициясы боюнча калькуляциялоо сарптоолордун ар бир беренеси боюнча толук түрдө түзүлөт.

Башкача айтканда, 20% өлчөмүндөгү чегерүүлөр бекитилген тарифтердин экономикалык негиздемелеринде эске алынган эмес жана билим берүү процессин жана кызмат көрсөтүүнү камсыз кылууга багытталбастан, жогору турган уюмга, Министрликтин аппаратына которулган.

Белгилей кетчү жагдай, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 25-октябрындагы №01-2/461 катынын негизинде чегерүүлөрдү жүргүзүү токтотулган.

**Мектеп жана мектепке чейинки билим берүү уюмдары боюнча маалыматтар**

Министрлик аркылуу 1 535 бала бакча каржыланат, 6 140 группада, 185 565 бала тарбияланат.

Кызматкерлер:

- административдик персонал -1535 штаттык бирдик;
- педагогикалык персонал - 9 517 штатык бирдик;
- техникалык жана кенже тейлөөчүү персонал – 6 631 штатык бирдик.

2024- жылы жаны бала бакчалар жана тайпалар:

- Уктоочу бөлмөлөрдү эффективдүү колдоонуу – 570 бала бакчада 1003 тайпа, 27081 бала. 2024-жылга 309 млн.сом, 2025-жылга - 927,0 млн.сом каражат каралды.
- Дүйнөлүк банктын жардамы менен 3-сааттык бала бакчалар – 560 бала бакча, анын ичинен 2024-жылы 270 бала бакча ачылды, 810 группа, 24 300 бала менен. 2024-жылга 76,0 млн.сом, 2025-жылга - 229,2 млн.сом каражат каралган.

Республика боюнча 66 жаңы бала бакча ачылган, 247 тайпа, 7 310 бала менен. Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин 7-пунктуна ылайык жергиликтүү бюджеттен каржыланышы керек. Бирок, 66 бала бакчанын 11 жергиликтүү бюджеттен каржыланган, ал эми 55 бала бакча жергиликтүү бюджеттердин финансылык мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болгондугуна байланыштуу, алардын ишмердүүлүгүн камсыз кылуу маселеси республикалык бюджеттен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына максаттуу трансферттерди бөлүп берүү жолу менен чечилген.

Министрлик аркылуу 2070 мектеп каржыланат, 1 263 191 окуучу билим алат.

Кызматкерлер:

- административдик персонал -5 175 штаттык бирдик;
- педагогикалык персонал - 81 696 штатык бирдик;
- техникалык жана кенже тейлөөчүү персонал – 34 748 штатык бирдик.

Бир жылга 1 окуучуга 37,5 миң сом мамлекеттен каржыланат.

- Эмгек акыга –34,0 миң сом,
- окуучулардын тамак ашына – 2,5 миң сом.
- учурдагы оңдоп түзөтүүлөргө – 368 сом.
- канцелярдык жана чарба товарларга –200 сом.

Бир күндүк ченем тамак ашка 1 окуучуга мектепте – 14 сом.

Бир күндүк ченем тамак ашка 1 окуучуга жатак мектепте – 110 сом.

Бир күндүк ченем тамак ашка 1 окуучуга атайын жатак мектепте – 220 сом.

**Эмгек акы төлөөнүн шарттарынын сакталышы**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы № 336 "Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө" токтому менен бекитилген, билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарынын талаптары сакталбастан, ашыкча штаттык бирдиктерди күтүүгө (№1 тиркемеде көрсөтүлгөн билим берүү уюмдарында) **36 836,8 миң сом** чыгымдалган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин уюмдарында штаттык бирдиктери, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы №336 "Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө" токтому менен бекитилген, билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарына ылайык келтирилсин (*№1 тиркеме)*

**Аныкталды жана корутунду**

Таш-Көмүр шаардык БББ, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-августундагы №519 токтому менен бекитилген "Жалпы билим берүү жөнүндө" типтүү жобосунун 53-пунктунун талаптары сакталбастан, мектептерде химия, физика предметтеринде лабораториялык тажрыйбаларды жүргүзүү үчүн мектептердеги лаборант кызмат ордуна айрым билим берүү уюмдарында (лаборант кызматынын талаптарына жооп бербеген) чарба башчыларына, катчыларга, башталгыч класс жана кыргыз тилчи мугалимдерине 0,5 жана 1,0 ставка катары берилип 2024-жылы 4,0 ставкага жалпысынан **681,5 миң сом** эсептелип, төлөнүп берилген (анын ичинен социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү 100,2 миң сом).

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-августундагы №519 токтому менен бекитилген "Жалпы билим берүү жөнүндө" Типтүү жобосунун 53-пунктуна ылайык лаборант штатына талапка жооп берген кызматкер жумушка алынсын, токтомдун талаптарын бузууга жол берген жетекчилик кызматкерлерине мыйзам чегинде чаралар белгиленсин.

**Аныкталды жана корутунду**

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндөгү" токтомун бузуу менен жумуш ордуна аттестациялоо жүргүзүлбөстөн, жумуш ордун аттестациялоонун натыйжалары жетекчилик тарабынан каралбастан, эмгек шарттарын жана коопсуздукту жакшыртуу боюнча эч кандай чаралар көрүлбөстөн, тизмеде каралбаган, ыйгарым укуктуу орган менен макулдашылбай оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча **7 201,3 миң сом** төлөмдөр чыгымдалган, төмөндөгү мекемелерде: А. Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи – 154,4 миң сом, Жалал-Абад шаардык БББ – 973,2 (анын ичинен камсыздандыруу төгүмдөрү 143,2 миң сом), Тогуз-Торо райондук БББ – 3 531,2 миң сом (анын ичинен камсыздандыруу төгүмдөрү

519,5 миң сом), В.И.Ленин атындагы жатак-гимназия мектеби (компьютерге) – 111,3 миң сом (анын ичинен социалдык фонддун төгүмдөрү 16,4 миң сом), Кара-Суу дүлөй балдар үчүн адистештирилген жалпы билим берүүчү мектеп-интернаты – 82,7 миң сом (анын ичинен камсыздандыруу төгүмдөрү 12,2 миң сом), Сүлүктү атайын жалпы билим берүүчү (көмөкчү) жатак мектеби – 112,6 миң сом, Беловодск мектепке чейинки балдар үйү - 21,6 миң сом (аудиттин жүрүшүндө бюджетке кайтарылган), Аламүдүн райондук БББ – 1 065,6 миң сом, Чүй областтык методикалык билим берүү бөлүмү - 176,3 миң сом, Коңурбаев Кабылбек атындагы "Баластан" балдарга билим берүү борбору – 34,2 миң сом, Кара-Көл шаардык БББ – 500,5 миң сом, Баткен шаардык БББ – 437,7 миң сом,

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген, "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун талаптары так сакталып, оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн негизсиз кошумча төлөмдөрдү төлөө токтотулсун.

Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдөрдү негизсиз төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын, төмөндөгү мекемелерде: А. Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи, Жалал-Абад шаардык БББ, Тогуз-Торо райондук БББ, В.И.Ленин атындагы жатак-гимназия мектеби, Кара-Суу дүлөй балдар үчүн адистештирилген жалпы билим берүүчү мектеп-интернаты, Сүлүктү атайын жалпы билим берүүчү (көмөкчү) жатак мектеби. Беловодск мектепке чейинки балдар үйү, Аламүдүн райондук БББ, Чүй областтык методикалык билим берүү бөлүмү, Коңурбаев Кабылбек атындагы "Баластан" балдарга билим берүү борбору, Кара-Көл шаардык БББ, Баткен шаардык БББ.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 токтому менен бекитилген "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндөгү" Жобонун талаптарын бузуу менен тарификацияларды, эселөө коэффициенттерди жана педагогикалык стаждарды туура эмес эсептөөдөн, кызматкерлердин эмгек өргүүлөрү иштеген мезгилине пропорционалдуу эсептелбестен, күндөрү көбөйтүлүп эсептелинген, ашыкча педагогикалык жүктөмдөрдү берүүдөн, жумуштарды айкалыштырып иштөөдөгү ж.б. бузуулардын негизинде **33 828,2 миң сомго** ашыкча эсептөөлөр жүргүзүлгөн (№2-Тиркемеде көрсөтүлгөн билим берүү уюмдарында).

**Сунуштама**

Билим берүү уюмдарында, эмгек акы төлөмдөрүн белгилөө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 токтому менен бекитилген “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндөгү” Жобонун талаптарына ылайык келтирилсин (№2-Тиркемеде көрсөтүлгөн билим берүү уюмдарында).

Ашыкча чыгымдарга жол берген билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын (№2-Тиркемеде көрсөтүлгөн билим берүү уюмдарында).

**Аныкталды жана корутунду**

"Сейтек" балдар жана өспүрүмдөр борбору, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 24-майындагы № 239 “Мамлекеттик мекемелерде жана уюмдарда "улуттук" статусу же "академиялык" ардактуу наамы болгону үчүн алардын кызматкерлеринин кызматтык маянасына үстөк акылар жөнүндө” токтомунун талаптарын бузуу менен, айкалыштырып иштеген кызматкерлерге **57,5 миң сомго** ашыкча эсептөөлөр жүргүзүлгөн,.

**Сунуштама**

Республикалык "Сейтек" балдар жана өспүрүмдөр борборунда, эмгек акыга ашыкча төлөмдөр таризделсин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 24-майындагы № 239 “Мамлекеттик мекемелерде жана уюмдарда "улуттук" статусу же "академиялык" ардактуу наамы болгону үчүн алардын кызматкерлеринин кызматтык маянасына үстөк акылар жөнүндө” токтомунун талаптарына ылайык келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Дене тарбия, спорт жана маданият боюнча республикалык усулдук борборунда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30 -мартындагы № 185 токтому менен бекитилген “Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине иштеген жылдары үчүн үстөк акыларды белгилөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Жобонун талаптарын бузуу менен иштеген жылдары үчүн үстөк акы 20% ордуна 30% белгиленип, ашыкча **16,5 миң сом** чыгымдалган.

**Сунуштама**

Дене тарбия, спорт жана маданият боюнча республикалык усулдук борбору, кызматкерлерге иштеген жылдары үчүн үстөк акыларды белгилөөнү жана төлөөнү, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 токтому менен бекитилген “Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине иштеген жылдары үчүн үстөк акыларды белгилөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

Ашыкча чыгымдарга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Т. Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатында, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 29-апрелиндеги "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" №76 Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү жөнүндө" жобосунун 8-главасынын "Эмгек акы, жөлөк пулдар жана стипендиялар боюнча милдеттенмелерди эсепке алуу" талаптарын бузуу менен 2024-жылдын февраль айынан тартып декабрь айына чейинки мезгилде эмгек акы эсептөө ведомостунда көрсөтүлбөгөн 11 кызматкерге аванстык төлөмдөр 306,2 миң сомго жүргүзүлгөн (кызматкерлердин өздүк эсептерине (Элкарт карталарына которулган).

**Сунуштама**

Т. Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатында, негизсиз которулган 306,2 миң сом тиешелүү кызматкерлерден бюджетке которулгандыгы эске алынсын жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 130-беренесине ылайык, финансылык тартипти бузган кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Беловодск атайын жалпы билим берүүчү (көмөкчү) жатак-мектеби, Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 4-августундагы №106 Эмгек кодексинин 107-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 328-пунктунун талаптарын бузуу менен, жумуш убактысын эсепке алуу табелдери түзүлбөстөн, кызматкерлерге **486,0 миң сомго** эмгек акы чегерилип, 302,8 миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама**

Беловодск атайын жалпы билим берүүчү (көмөкчү) жатак-мектеби, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 62-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 328-пунктунун талаптары сакталсын. Жумуш убактысын эсепке алуу табелдери түзүлбөстөн, эмгек акы эсептөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

"Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчёттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун" 329;336-пункттарынын талаптарын бузууга жол берилген, эмгек акыдан **256,8 миң сомдук** аванстык төлөмдөр өз убагында кармалган эмес, төмөндөгү

мекемелерде: Ат-Башы райондук БББ 48,2 миң сом (аудит учурунда тиешелүү бюджетке өндүрүлдү), Кочкор райондук БББ 208,6 миң сом

**Сунуштама**

Аванстык төлөмдөр өз убагында кармалбастан эмгек акы төлөмдөрүн жүргүзүүгө жол берген тиешелүү адамдардын жоопкерчилиги каралсын, төмөндөгү мекемелерде: Ат-Башы райондук БББ, Кочкор райондук БББ.

Кочкор райондук БББ тиешелүү 208,6 миң сом аванстык төлөмдөр калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Ысык-Көл областтык балдар жана өспүрүмдөрдүн деңиз клубу, сүзүүчү кемелер жана кайыктар көп жылдардан бери эскилиги жетип пайдаланууга жараксыз абалда тургандыгына карабастан, 2 бирдик механик-капитан жана 3 бирдик механик-штурман штаттык бирдиктери кармалып, функционалдык милдетте көрсөтүлгөн негизги талаптар аткарылбастан, натыйжасыз **665,5 миң сом** эмгек акы эсептелип төлөнгөн, анын ичинен Социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү 97,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Ысык-Көл областтык өспүрүмдөрдүн деңиз клубу материалдык базасынын чыңдоо боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Нарын облусунун билим берүүнүн методикалык борбору, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №377 “Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы зоналарында жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө” токтомунда бийик тоолуу зоналарда иштеген 15 жылдан 20 жылга чейин эмгек стажы үчүн айлык акыга 15% кошумча акы каралган. Кызматкерге бийик тоолуу региондордо иштеген эмгек стажы 2024-жылдын 1-январына карата 17 жыл 11 айды түзгөндүгүнө карабастан, 2024-жылдын январь айынан 20% кошумча акы эсептелинип, **12,3 миң сом** ашык төлөнгөн.

**Сунуштама**

Нарын облусунун билим берүүнүн методикалык борборунда, кызматкерлердин маянасына бийик тоолуу зоналарда иштеген иш стажы үчүн кошумча акы эсептөө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын25-июнундагы №398 “Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу зоналарында жашаган жана иштеген адамдарга кепилдиктер жана компенсациялар жөнүндө” токтомунда каралган ченемдерге ылайык келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Алай райондук БББ, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын

3-пунктунун 4-пунктчасын бузуу менен, иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү боюнча 4 кызматкерге баалоо жүргүзүлбөстөн 10%га чейин үстөк акыларга **93,8 миң сом** чыгымдалган.

**Сунуштама**

Алай райондук БББсында, чыгармачыл жана кесиптик демилге көтөргөндүгү, ошондой эле иштин татаалдыгы, сапаты, натыйжасы жана өзгөчө маанилүү иштерди аткаргандыгы үчүн кызматкерлерди баалоо критерийлерин иштеп чыгуу жана ай сайын жыйынтыктар боюнча негизги көрсөткүчтөрдү аткаргандыгы үчүн үстөк акы, кызматкерлерди баалоо критерийлерине жараша белгиленсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Токтогул райондук БББ, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-мартындагы №123 токтому менен бекитилген "Он үчүнчү эмгек акыны эсептөөнүн" тартибин, анын ичинде: он үчүнчү эмгек акы жана эмгек өргүүнү эсептөөдө ашыкча **66,1 миң сом** (Социалдык фондго төгүмдөр 9,7 миң сом) чыгымдалган.

**Сунуштама**

Токтогул райондук БББ, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-мартындагы №123 токтому менен бекитилген "Он үчүнчү эмгек акыны эсептөөнүн" тартибинин талаптары сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 189-пунктун бузуу менен транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн компенсациялык **164,3 миң сомго** төлөмдөрдөн киреше салыгы кармалган эмес, төмөндөгү мекемелерде: Араван райондук БББ - 33,2 миң сом, Кадамжай райондук БББ- 30,4 миң сом (аудит учурунда бюджетке которулган), Жайыл районунун БББ – 37,5 миң сом, Москва районунун БББ – 34,9 миң сом, Панфилов райондук БББ - 28,3 миң сом.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматына** маалымдоо менен Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 189-пунктуна ылайык, транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн компенсациялык төлөмдөрдөн **133,9 миң сомго** киреше салыгын тиешелүү бюджеттин эсебине которуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн, төмөндөгү билим берүү уюмдарында: Араван райондук БББ - 33,2 миң сомго, Жайыл районундук БББ – 37,5 миң сом, Москва райондук БББ – 34,9 миң сом, Панфилов райондук БББ - 28,3 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча

камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” нускамасынын талаптарын бузуу менен, кызматкерлердин эмгек акысынан киреше салыгы менен мамлекеттик камсыздандыруу боюнча төгүмдөрү жалпы **303,8 миң сом** тиешелүү бюджетке которулган эмес, алар төмөндөгү мекемелерде: Нарын облусунун билим берүүнүн методикалык борбору киреше салыгы 0,7 миң сом жана социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү 1,0 миң сом, Кочкор райондук БББ - социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү 169,4 миң сом, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Республикалык илимий-методикалык борбору- 132,7 миң сом.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматына** маалымдоо менен Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 189-пунктуна ылайык, тиешелүү бюджеттин эсебине которуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн, төмөндөгү мекемелерде: Нарын облусунун билим берүүнүн методикалык борбору киреше салыгы- 0,7 миң сом жана социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү -1,0 миң сом, социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү Кочкор райондук БББ -169,4 миң сом, Республикалык илимий-методикалык борбору - 132,7 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Ош областтык балдардын чыгармачылык борборунда атайын каражаттардын кирешеси жатакана акысынан түшкөн. Ош областтык балдардын чыгармачылык борборунун жатаканасы борбордун негизги ишмердүүлүгүнө ылайык өткөрүлүүчү аймактык иш-чаралардын катышуучулары (мугалимдер жана окуучулар) үчүн акысыз жатакана менен камсыз кылууга арналган. Башка учурларда өзүн-өзү каржылоону өнүктүрүү үчүн “Жатакана иштөө тартиби жөнүндө” жободо бөлмөнүн түрүнө жараша күнүмдүк жатакана акысы 200 сомдон 500 сомго чейин белгиленген. Бирок, прейскурант бекитүүдө эсептик материалдар, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга, ошондой эле баш ийгендишине жараша маалымат берүү жөнүндө маалыматтар берилген жок. Аудит мезгил аралыгында атайын каражаттар эсебинен (2 жатакана мөөнөтчү) штаттык бирдикти күтүүгө **266,4 миң сом** чыгымдалган.

**Сунуштама**

Ош областтык балдардын чыгармачылык борборунда жатакананын прейскуранты, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларга ылайык кайрадан иштеп чыгуу менен бекитүү сунушталат.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин (мурунку редакциясында) 160-беренесинин 1-пунктун бузуу менен Өзгөн райондук БББ, “Аю Гарант” камсыздандыруу компаниясы” жана “Кыргызстан” камсыздандыруу компаниясы” ЖАКсы менен (100 пайыз жеке капитал), укуктук-ченемдик

актыларда каралбаган кошумча камсыздандырууга 2 келишим түзүлүп, 2111 “Эмгек акы” беренесинен 2024-жыл ичинде 1 203,7 миң сом которулган.

Которулган каражаттар кызматкерлердин эмгек акысынан кармалган.

**Сунуштама**

Өзгөн райондук, шаардык БББ, эмгек акыдан кармап калуулар Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 96-беренесинин 1-пунктуна ылайык жүргүзүлсүн.

**Бюджетти түзүү менен байланышкан жана башка бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду**

Жалал-Абад шаардык БББ, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренесинин 3-пунктун бузуу менен ашыкча каржылоо 2024-жылдын 31-декабрына карата 4 023,9 миң сомду түзгөн жана өздөштүрүлбөгөндүктөн бюджетке кайтарылган.

**Сунуштама**

Ашыкча каржылоо талдансын жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренесинин 3-пунктунун аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Бакай-Ата районундагы “Манас” жатак-интернат мектебинде, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы №231 “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарын жана Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоо тартиби жөнүндө” токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башталгыч кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарын бир билим алуучуга эсептелген бюджеттик каржылоонун” Типтүү ченемдерин бузуу менен ченемдик каржылоо шарттары сакталбастан **994,4 миң сомго** кем каржыланган.

**Сунуштама**

Бакай-Ата районундагы “Манас” жатак-интернат мектебин каржылоо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы №231 “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарын жана Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоо тартибине ылайык келтирилсин.

**Төлөмдөрдү туура, толук жана өз убагында жүргүзүлүшү**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген, “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде

топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” Жобонун 3,4-пункттары сакталбастан, талап кылынбаган **349,7 миң сом** депозиттик каражаттар республикалык бюджеттин кирешесине которулуп берилген эмес, төмөнкү мекемелерде: Ош шаардык БББ – 324,0 миң сом, Кызыл-Кыя шаардык БББ – 25,7 миң сом,

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2025-жылдын 31-майындагы №302 токтому менен бекитилген, “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” Жобонун 3,4-пунктуна ылайык, талап кылынбаган 349,7 миң сом республикалык бюджетке которулсун, алар төмөндөгү мекемелерде: Ош шаардык БББ – 324,0 миң сом, Кызыл-Кыя шаардык БББ – 25,7 миң сом,

**Аныкталды жана корутунду**

Республикалык экология, өлкө таануу жана туризм балдар жана өспүрүмдөр борбору, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-декабрындагы № 639-токтомунун 1-пунктунун талаптары сакталбастан, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдөн үнөмдөлгөн каражаттар **29,7 миң сом** суммасында тиешелүү бюджеттик жылга бюджеттик сметаларда азайтылган эмес.

**Сунуштама**

**Агартуу министрлиги**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдөн үнөмдөлгөн каражаттар талдансын жана тиешелүү бюджеттик жылга бюджеттик чыгымдарды азайтуу боюнча чаралар көрүлсүн.

Республикалык экология, өлкө таануу жана туризм балдар жана өспүрүмдөр борборунда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-декабрындагы № 639-токтомунун 1-пунктунун аткарылышы камсыздалсын.

**Казыналыктан сырткары чыгымдоолор**

**Аныкталды жана корутунду**

Ат-Башы райондук БББ, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 131-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобонун талаптарын бузуу менен, өндүрүштөн алынган товарларды жана мал жандыктарын сатуудан түшкөн каражаттар Бирдиктүү казыналыктан сырткары **1 482,9 миң сом** чыгымдалган.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 16-февралындагы №46 “Мектеп алдындагы чарбалардын ишин уюштуруунун тартибин бекитүү жөнүндө” токтомунун ченемдери

аткарылбастан, билим берүү уюмдарынын директорлору тарабынан мектеп алдында чарба түзүү жөнүндө буйрук чыгарылган эмес, чарбанын бизнес-планы, жылдык иш планы жана финансылык отчеттору түзүлгөн эмес. Эсеп-кысап бөлүмү тарабынан жумушчу жана малды эсепке алуунун инвентардык карточкасы (форма ОС-8), малды эсепке алуу китеби (форма 35) жүргүзүлгөн эмес ( жалпы 400-кой, козу, эчки, жана 11-уй,музоолор).

**Сунуштама**

Ат-Башы райондук БББ, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 131-беренесине ылайык, Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары чыгымдалган 1 482,9 миң сом бюджетке калыбына келтирилсин.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2025-жылдын 31-майындагы № 302 токтому менен бекитилген “Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобосунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 16-февралындагы №46 “Мектеп алдындагы чарбалардын ишин уюштуруунун тартибин бекитүү жөнүндө” токтомунун талаптары так сакталсын.

Эсеп-кысап бөлүмү тарабынан жумушчу жана малды эсепке алуунун инвентардык карточкасы (форма ОС-8). Жаш малды жана бордоп семиртүүчү малды аналитикалык эсепке алуу үчүн жана ошондой эле продуктуу жана асыл тукум мал үчүн малды эсепке алуу китеби (форма 35) жүргүзүлсүн.

**Максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган каражаттары**
**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын, чыгашалардын экономикалык жана функциялык классификация чыгашалары, максаттары боюнча классификацияланбай **10 757,6 миң сом** чыгымдалган, төмөндөгү мекемелерде: Республикалык экология, өлкө таануу жана туризм балдар жана өспүрүмдөр борбору – 340,5 миң сом, Дене тарбия, спорт жана маданият боюнча республикалык методикалык борбору – 235,8 миң сом, Жалал-Абад шаардык БББ – 2 220,6 миң сом, В.И. Ленин атындагы жатак мектеби – 176,1 миң сом, Ош шаардык БББ – 241,5 миң сом, Алай райондук БББ – 30,1 миң сом, Араван райондук БББ – 140,0 миң сом, Айтматов райондук БББ - 121,1 миң сом, Ысык-Ата райондук БББ – 7 040,9 миң сом, Нарын облусунун билим берүүнүн методикалык борбору – 211,0 миң сом (аудит учурунда тиешелүү бюджетке которулду).

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 12-январындагы №9 “Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесине ылайык, максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган каражаттар тиешелүү бюджетке которулсун, төмөндөгү мекемелерде: Ош шаардык БББ – 241,5 миң

сом, Алай райондук БББ – 30,1 миң сом, Араван райондук БББ – 140,0 миң сом, Айтматов райондук БББ - 121,1 миң сом, Ысык-Ата райондук БББ – 7 040,9 миң сом.

Бюджеттик ченемдерди бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Коммуналдык кызматтарды жана ТМБ чыгымдоодо белгиленген ченемдердин сакталышы**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2023-жылдын 14-ноябрындагы № 01-13/231 жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигин 2023-жылдын 14-ноябрындагы № 138-Б "2023-2024-жылдарга карата бюджеттик уюмдардын жеке керектөөлөрүнө электр, жылуулук энергиясынын жана жаратылыш газынын лимиттерин бекитүү жөнүндө" биргелешкен буйругу жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 26-декабрынын №5676/1 буйругунун негизинде бекитилген электр энергиясынын белгиленген лимиттери сакталган эмес, натыйжада жалпы **4 194,0 миң сомго** ашыкча чыгымдалган, анын ичинен:

1. *Электр энергиясы боюнча **3 615,8 миң сом** төмөндөгү мекемелерде:*

- А. Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи – 312,6 миң сом, Республикалык "Сейтек" балдар жана өспүрүмдөр борбору – 38,7 миң сом, Жети-Өгүз райондук БББ – 17,8 миң сом, Ысык-Көл райондук БББ – 20,2 миң сом, Ж. Бөкөнбаев атындагы тарбиялык окуу комплекси – 169,6 миң сом, Кара-Кулжа райондук БББ – 217,3 миң сом, Кара-Суу дүлөй балдар үчүн адистештирилген жалпы билим берүүчү мектеп-интернаты – 323,6 миң сом, Лейлек райондук БББ – 2336,2 миң сом (окуу жана административдик имаратын жылытуу үчүн колдонулгандыгынын жаңы жабдуулардын көбөйүшүнө байланыштуу), Айтматов райондук БББ – 49,9 миң сом, Талас областтык лицей-комплекси – 19,0 миң сом, Жалал-Абад областтык балдардын чыгармачылык үйү – 110,9 миң сом,

2. *Жылуулук энергиясы боюнча **578,2 миң сом** төмөндөгү мекемелерде:*

- Т. Садыков атындагы көркөм сүрөт мектеп-интернаты – 547,7 миң сом, Республикалык «Балажан» эстетикалык тарбия берүү окуу-методикалык борбору – 30,5 миң сом,

**Сунуштама**

Коммуналдык кызматтарды керектөөнүн бекитилген лимиттеринин ашыкча чыгымдалышы талдансын жана жыйынтыгы боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

Аталган буйрукка ылайык, жогоруда белгиленген мекемелердин жетекчилеринин жана башкы бухгалтерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы № 576 токтому менен бекитилген "Электр энергиясын пайдалануу"

эрежесинин 94-берененин 2-пунктуна ылайык, керектелген электр энергиясы үчүн төлөмү өз учурунда төлөнбөгөндүгү үчүн, Кыргыз Республикасынын “Кыргызстан Улуттук электр тармактары” ААКсына **413,9 миң сом** туум төлөнүп, бюджеттик жоготууларына жол берилген, төмөндөгү мекемелерде: М.Раззаков атындагы жетим жана ата-энесинин камкордугу жок калган балдар үчүн Мырза-Аке мектеп-интернаты – 44,4 миң сом, Кадамжай БББ – 369,5 миң сом,

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы № 576 токтому менен бекитилген “Электр энергиясын пайдалануу” эрежелери сакталсын жана айып пул төлөөнүн негизинде бюджеттик жоготууларга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын, алар төмөнкү мекемелерде: М.Раззаков атындагы жетим жана ата-энесинин камкордугу жок калган балдар үчүн Мырза-Аке мектеп-интернаты, Кадамжай БББ.

**Аныкталды жана корутунду**

"Келечек" балдар чыгармачылык борбору, социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү жана киреше салыгы боюнча өз убагында эсептешүүлөр жүргүзүлбөгөндүгү себебинен туум жана айып пул үчүн жалпы 13,3 миң сом эсептелип, бюджеттик жоготууларына жол берилген.

**Сунуштама**

"Келечек" балдар чыгармачылык борборунда социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча өз убагында эсептешүүлөрдү жүргүзүү камсыздалсын.

**Тамак-аш азыктарын эсептен чыгаруу ченемдерин сактоо**

**Аныкталды жана корутунду**

Тоң райондук БББ Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 28-августундагы №532 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө” жобосунун талаптарын бузуу менен сабакка келбеген окуучуларга негизсиз 7,2 миң сомго тамак-аш азыктары эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

Тоң райондук БББ негиз Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 28-августундагы №532 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө” жобосунун талаптарына ылайык, окуучуларга тамак-аш азыктарын чыгымдоо боюнча белгиленген ченемден четтөө жүргүзүлбөсүн.

Тамак-ашка негизсиз эсептен чыгарылган 7,2 миң сом тиешелүү бюджетке которулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы №7 "Социалдык чөйрөдөгү мекемелердеги тамак-аштын акчалай ченемдери жөнүндө" токтомун бузуу менен, белгиленген ченемдерден **29,3 миң сомго** ашыкча тамак-аш азыктары эсептен чыгарылган, төмөндөгү мекемелерде: А. Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи – 3,7 миң сом, Улуттук искусство академиясынын алдындагы көркөм сүрөт мектеп-интернаты – 4,8 миң сом (аудит учурунда тиешелүү бюджетке которулду), Аксы райондук БББ – 17,7 миң сом, Чоң-Алай райондук БББ – 3,1 миң сом,

Кара-Суу дүлөй балдар үчүн адистештирилген жалпы билим берүүчү мектеп-интернатында, тамак-ашка чыгымдар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-декабрындагы №358 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Социалдык чөйрөнүн мекемелеринде тамактануунун акчалай ченемдери боюнча айрым чечимдерге өзгөртүүлөрдү киргизүү" жөнүндө токтомунун талаптары сакталбастан, 2024-жылда **450,8 миң сомдук** тамак-аш азыктары белгиленген ченемден аз берилип мекеменин кампасында калдык болуп калган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы №7 "Социалдык чөйрөдөгү мекемелердеги тамак-аштын акчалай ченемдери жөнүндө" токтомуна (2024-жылдын 19-декабрындагы киргизилген өзгөртүүлөр редакциясында) белгиленген ченемдерге ылайык, тамак-аш азыктары эсептен чыгарылышы камсыздалсын,

Тамак-ашка негизсиз эсептен чыгарылган 24,5 миң сом тиешелүү бюджетке которулсун, төмөндөгү мекемелерде: А. Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи – 3,7 миң сом, Аксы райондук БББ – 17,7 миң сом, Чоң-Алай райондук БББ – 3,1 миң сом.

Кара-Суу дүлөй балдар үчүн адистештирилген жалпы билим берүүчү мектеп-интернатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-декабрындагы №358 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Социалдык чөйрөнүн мекемелеринде тамактануунун акчалай ченемдери боюнча айрым чечимдерге өзгөртүүлөрдү киргизүү" жөнүндө токтомунда белгиленген ченемдерге ылайык, тамак-аш азыктары эсептен чыгарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун "Запастарды эсепке алуу" жана "Запастарды баалоо жана эсептен чыгаруу" параграфтарынын талаптарын бузуу менен, запастарды баштапкы документтерисиз **2 036,2 миң сом** эсептен чыгарылган, төмөндөгү мекемелерде: Ташмамат атындагы жетим жана

кароосуз калган балдар үчүн үй-бүлөлүк балдар үйү – 1 885,1 миң сом, "Алтын түйүн" улуттук балдар инженердик-техникалык академиясы – 151,1 миң сом.

Жалал-Абад шаардык БББ, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 6-главасынын, “Запастарды эсепке алуу” параграфынын бузуу менен, запастар боюнча чыгымдардын сарпталышында чыгаша документтери толукталбай 475,7 миң сомго запастар эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 246-пунктунда каралган ченемдерге ылайык, эсептен чыгаруулар жүргүзүлсүн, төмөндөгү мекемелерде: Ташмамат атындагы жетим жана кароосуз калган балдар үчүн үй-бүлөлүк балдар үйү, "Алтын түйүн" улуттук балдар инженердик-техникалык академиясы

Жалал-Абад шаардык БББ, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен убекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобого ылайык запастарды, баалуулугу аз жана тез эскирүүчү предметтерди эсепке алуу жана эсептен чыгаруу бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын жана тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Бюджеттерди аткаруудагы башка бузуулар жана кемчиликтер**
**Аныкталды жана Корутунду**

В.И. Ленин атындагы жатак-гимназия мектебинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1993-жылдын 15-июлундагы № 310 “Жалпы типтеги жалпы билим берүүчү мектеп-интернаттарда балдарды кармоого ата-энелердин төлөөлөрүнүн өлчөмү жөнүндө” токтомунун талаптарын бузуу менен бекитилген төлөмдөрдү талап кылуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлгөн эмес, 1 573,2 миң сом ата-энелерден жетишсиз чогултулган.

Аталган токтомдун 1-пунктунда “Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектеп-интернаттарында балдарды багуу үчүн ата-энелерден ай сайын Кыргыз Республикасында белгиленген минималдуу эмгек акынын 50% пайызына барабар төлөө жүргүзүү каралган. Бирок, Кара-Суу райондук БББда (№61 Кычан Жакыпов атындагы зээндүү балдар үчүн жатак-гимназиясы) ата-энелердин төлөмдөрү ашыгы менен 2 699,8 миң сом жана У.Салиева атындагы жатак мектеби – 1 039,7 миң сом чогултулган.

**Сунуштама**

Ата-энелердин төлөмдөрүнүн өлчөмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1993-жылдын 15-июлундагы № 310 “Жалпы типтеги жалпы билим берүүчү мектеп-интернаттарда балдарды кармоого ата-энелердин төлөөлөрүнүн өлчөмү жөнүндө” токтомунда белгиленген ченемдерге ылайык чогултулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

Алай райондук БББ, Форма №2 "Бюджеттик каражаттар боюнча мекеменин чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө" отчетунун 2823-беренесинин "Соттун чечимдердин аткаруу" боюнча кассалык жана иш жүзүндөгү чыгымдар 108,2 миң сомду түзгөн.

М. Болотбеков 2022-жылдын 1-сентябрындагы №90 ээлеген кызматынан бошотуу буйруктарын Алай райондук соту негизсиз - деп чечим кабыл алып, доогердин доо арызы канаттандырылып Алай райондук соттунун чечиминин негизинде **108,2 миң сом** Алай райондук БББ тарабынан төлөнүп бюджеттик жоготууга алып келген.

**Сунуштама**

Алай райондук БББ, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө Мыйзамынын 26-беренесинин 4-пунктуна ылайык соттун чечиминин негизинде чечим кабыл алган адамдын эмгек акысынан келтирген зыяндын суммасын кайтарып берүү талабы (регресс) менен ордуна коюу каралсын.

Кызматкерлерди жумуштан бошотууда негизсиз жана мыйзамсыз аракеттерге жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду**

Республикалык "Сейтек" балдар жана өспүрүмдөр борбору, “Алан групп” ЖЧКсы менен “Бухгалтерлик 1С программасын киргизүү жана коштоо” боюнча 41,4 миң сомго 2024-жылдын 5-ноябрындагы № 6 келишим түзүлгөн. Бирок, Бухгалтерлик 1С программасын толук ишке киргизилбегендиги аныкталды, кызматкерлердин эмгек акысын эсептөө бул программада жүргүзүлбөйт. Натыйжада чыгымдалган **41,4 миң сом** бюджеттик каражаттардын жоготуусуна алып келген.

**Сунуштама**

Республикалык "Сейтек" балдар жана өспүрүмдөр борборунда бюджеттик жоготууларга жол берилбесин.

**Негизги каражаттардын жана ТМБ сакталышы жана пайдаланылышы**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобо” жобонун “Бухгалтердик эсепти жүргүзүүгө негизги

талаптар” 2-главасынын 1-параграфындагы 5-пункту бузуу менен инвентаризациялоонун жыйынтыгында бухгалтердик эсеп боюнча:

**-негизги каражаттардын жана товардык материалдык баалуулуктардын жетишпестиги – 129,7 миң сом аныкталган,** төмөндөгү мекемелерде:

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин борборлоштурулган иш-чаралары – 11,5 миң сом (аудит учурунда ордуна коюулду), Жалал-Абад шаардык БББ – 12,8 миң сом (аудит учурунда ордуна коюулду), Ж. Бөкөнбаев атындагы тарбиялык окуу комплекси – 1,6 миң сом, Араван райондук БББ – 100,0 миң сом, Сокулуктагы сүйлөөдө оор бузуулары бар балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак-мектеби- 2,6 миң сом (аудит учурунда ордуна коюулду). Бакай-Ата райондук БББ – 1,2 миң сом.

Мындан сырткары, Жобонун 43-пунктун бузуу менен **негизги каражаттардын жана товардык материалдык баалуулуктардын 336,8 миң сомго** ашыкча чыгымдалуусу аныкталган, төмөндөгү мекемелерде: “Санат” ден соолукту чыңдоо борбору – 9,6 миң сом (аудит учрунда эсепке алынды), Аксы райондук БББ – 41,0 миң сом (аудит учрунда эсепке алынды), Чоң-Алай райондук БББ – 158,4 миң сом, Кара-Суу дүлөй балдар үчүн адистештирилген балдар бакчасы – 120,0 миң сом (аудит учурунда эсепке алынды), Бакай-Ата райондук БББ – 7,8 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобосунун 2-главасынын 1-параграфындагы 5-пунктунун жана 43-пунктунун талаптарын аткаруу көзөмөлдөнсүн., төмөндөгү мекемелерде: Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин борборлоштурулган иш-чаралары, Жалал-Абад шаардык БББ, Ж. Бөкөнбаев атындагы тарбиялык окуу комплекси, Араван райондук БББ, Сокулуктагы сүйлөөдө оор бузуулары бар балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак-мектеби, Бакай-Ата райондук БББ, “Санат” ден соолукту чыңдоо борбору, Аксы райондук БББ, Чоң-Алай райондук БББ, Кара-Суу дүлөй балдар үчүн адистештирилген балдар бакчасы, Бакай-Ата райондук БББ.

Запастардын жана ТМБ жетишпестигине жол берген тиешелүү кызматкерлерден калыбына келтирилсин, төмөндөгү мекемелерде: Ж. Бөкөнбаев атындагы тарбиялык окуу комплекси – 1,6 миң сом, Араван райондук БББ – 100,0 миң сом, Бакай-Ата райондук билим берүү бөлүмү – 1,2 миң сом.

Аудит учурунда ашыкча чыккан негизги каражаттар жана ТМБ кириштелсин, төмөндөгү мекемелерде: Чоң-Алай райондук БББ – 158,4 миң сом, Бакай-Ата райондук БББ – 7,8 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтому менен бекитилген компенсациядан атайын каражаттын эсебинен Талас шаардык, райондук БББ ашыкча 43,1 миң сомго күйүүчү майлоочу майлар сарпталган,

**Сунуштама**

Талас шаардык, райондук БББ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы № 672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтому менен бекитилген ченемдер сакталсын.

**Негизги каражаттарды эсепке алуу**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 6-главасынын "Негизги каражаттарды таануу" 1-параграфынын 127-пунктун бузуу менен **3 163,9 миң сомдук** негизги каражаттар актив катары эсепке алынган эмес, төмөндөгү мекемелерде: Т. Садыков атындагы көркөм сүрөт мектеп-интернаты – 65,9 миң сом (аудит учурунда бухгалтердик маалымкат түзүлүп эсепке алынды), Улуттук искусство академиясынын алдындагы көркөм сүрөт мектеп-интернаты – 59,0 миң сом (аудит учурунда бухгалтердик маалымкат түзүлүп эсепке алынды), Кара-Суу дүлөй балдар үчүн атайын жатак тибиндеги балдар бакчасы – 1 379,5 миң сом (аудит учурунда бухгалтердик маалымкат түзүлүп эсепке алынды), Нарын облустук балдар билим берүү борбору – 250,2 миң сом (аудит учурунда бухгалтердик маалымкат түзүлүп эсепке алынды), Ат-Башы райондук БББ – 276,4 миң сом (аудит учурунда бухгалтердик маалымкат түзүлүп эсепке алынды), А.Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи – 1 132,9 миң сом.

Кара-Суу дүлөй балдар үчүн атайын жатак тибиндеги балдар бакчасы, жобонун 6-главасынын "Негизги каражаттарды таануу" 1-параграфынын 141, 142 жана 143-пункттарын бузуу менен, негизги каражаттардын баланстык наркына тиешелүү чыгымдар **8 736,3 миң сом** кошулган эмес (аудит учурунда бухгалтердик маалымкат түзүлүп негизги каражатка тиешелүү чыгымдар негизги каражаттардын баланстык наркына кошулду).

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун "Негизги каражаттарды таануу" бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын.

А. Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинде аталган Жобого ылайык, тиешелүү бухгалтердик

жазууларды жүргүзүү менен 1 132,9 миң сомдук негизги каражаттар эсепке алынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 6- главасынын талаптарын бузуу менен негизги каражаттардын баланстык баасын негизсиз жогорулатуулар Айтматов райондук ББД**а 663,1 миң сомго жана** Улуттук искусство академиясынын алдындагы көркөм сүрөт мектеп-интернатында **138,5 миң сомго аныкталган.**

**Сунуштама**

Айтматов райондук ББДа 663,1 миң сомго жана Улуттук искусство академиясынын алдындагы көркөм сүрөт мектеп-интернатында 138,5 миң сомго негизги каражаттардын баланстык баасын негизсиз жогорулатуулар талдансын, жыйынтыгында тиешелүү бухгалтердик жазуулар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Ак-Талаа райондук БББ, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 1-беренесинин 225-пунктунун талаптарын бузуу менен, 2024-жылдын аягына баасы аз-тез эскирүүчү буюмдар курамында наркы 10,0 миң сомдон жогору жана мөөнөтү 1 жылдан ашык кызмат өтөй турган **13,7 миң сом** суммасында 1 даана уюлдук телефон катталган жана аталган материалдык активдин наркынын толук суммасына амортизация чегерилген.

**Сунуштама**

Ак-Талаа райондук ББДа, наркы 10,0 миң сомдон жогору жана кызмат мөөнөтү 1 жылдан ашкан материалдык активдер "негизги каражаттар" катары чагылдырылсын.

**Бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча**

**Аныкталды жана корутунду**

Аталган Жобонун “Баалуулугу аз жана тез эскирүүчү предметтерди эсепке алуу” параграфынын талаптарын бузуу менен, бухгалтердик баштапкы документтер менен 2024-жылдын 31-декабрына карата жыйынтыктоочу отчёттордогу ТМБ калдыктары боюнча айырмачылык **869,1 миң сомду** түзгөн, бухгалтердик баланстагы маалыматтар материалдык отчеттордон аз көрсөтүлгөн, төмөндөгү мекемелерде: К.Тилебалиева атындагы жетим балдар жана ата-энелеринин көзөмөлүсүз калган балдар үчүн Панфилов жатак мектеби – 283,8 миң сом, “Жетим балдар жана ата-энелеринин көзөмөлүсүз калган балдар үчүн Чүй жатак – мектеби” мекемеси – 585,3 миң сом.

Ушундай эле, Нарын облусунун билим берүүнүн методикалык борбору, Форма №2 “Сметалык чыгымдарынын аткарылышы жөнүндө” отчетуна ылайык, 2111 “Эмгек акы” беренеси боюнча 176,2 миң сом айырма отчетто чагылдырылган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

**Иш сапарга чыгымдары**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомун бузуу менен иш сапар чыгымдары белгиленген ченемден ашыкча төлөмдөр жүргүзүлгөн, төмөндөгү мекемелерде: Лейлек райондук БББ – 20,0 миң сом, Жалал-Абад областтык балдардын чыгармачылык үйү – 12,5 миң сом,

**Сунуштама:**

Иш сапарга чыгымдарын төлөөдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2025-жылдын 4-декабрындагы № 778 “Иш сапардык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтомуна ылайык төлөмдөр жүргүзүлсүн жана 281,2 тиешелүү бюджетке чегерилсин, төмөндөгү мекемелерде: Лейлек райондук БББ – 20,0 миң сом, Жалал-Абад областтык балдардын чыгармачылык үйү – 12,5 миң сом.

**Дебитордук жана кредитордук карыздарды эсепке алуу**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 7-главасынын, “Дебитордук карызды эсепке алуу” параграфынын юридикалык жактар менен эсептешүүнү эсепке алуу бөлүгүн бузуу менен, бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн **22 089,7 миң сомдук** дебитордук карыздар төмөндөгү мекемелерде аныкталган: Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институту – 88,4 миң сом, Түп райондук БББ – 45,6 миң сом, Базар-Коргон райондук БББ – 2 652,4 миң сом, Чаткал райондук БББ – 768,8 миң сом, Кара-Суу дүлөй балдар үчүн адистештирилген жалпы билим берүүчү мектеп-интернаты – 406,4 миң сом (аудит учурунда бухгалтердик маалымкат түзүлүп эсепке алынды), Ташмамат атындагы жетим жана кароосуз калган балдар үчүн үй-бүлөлүк балдар үйү – 24,5 миң сом, Сүлүктү шаардык БББ – 62,6 миң сом, Ысык-Ата райондук БББ  – 15 597,4 миң сом (264,8 миң сом аудит учурунда тиешелүү бюджетке которулду), Сокулук райондук БББ –116,3 миң сом (56,8 миң сом калыбына келтирилди), Панфилов райондук БББ – 25,6 миң сом, Чүй-Токмок БББ – 820,8 миң сом, Талас шаардык, райондук БББ  – 132,6 миң сом (аудит учурунда бухгалтердик маалымкат түзүлүп эсепке алынды), Талас атайын жалпы билим берүүчү (көмөкчү) жатак-мектеби – 369,3 миң сом (аудит учурунда калыбына

келтирилди), Нарын облусунун билим берүүнүн методикалык борбору – 138,2 миң сом, Ат-Башы райондук БББ – 378,6 миң сом, Кочкор райондук БББ – 462,2 миң сом.

**Сунуштама**

“Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобого ылайык дебитордук карыздарды эсепке алуу боюнча өз убагында жана толук чагылдыруу бөлүгүндө аткарылышы камсыздалсын,

Тиешелүү бухгалтердик жазууларды жүргүзүү жана бухгалтердик эсепке алуу боюнча дебитордук карыздардын суммалары төмөндөгү мекемелерде калыбына келтирилсин: Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институту – 88,4 миң сом, Түп райондук БББ – 45,6 миң сом, Базар-Коргон райондук БББ – 2 652,4 миң сом, Чаткал райондук БББ – 768,8 миң сом, Ташмамат атындагы жетим жана кароосуз калган балдар үчүн үй-бүлөлүк балдар үйү – 24,5 миң сом, Сүлүктү шаардык БББ – 62,6 миң сом, Ысык-Ата райондук БББ – 15 332,6,4 миң сом, Сокулук райондук БББ – 59,5 миң сом, Панфилов райондук БББ – 25,6 миң сом, Чүй-Токмок БББ – 820,8 миң сом, Нарын облусунун билим берүүнүн методикалык борбору – 138,2 миң сом, Ат-Башы райондук БББ – 378,6 миң сом, Кочкор райондук БББ – 462,2 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

“Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 8-главасынын, “Милдеттенмелерди эсепке алуу” бөлүгүн бузуу менен, бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн **4 516,7 миң сомдук** кредитордук карыз аныкталган, төмөндөгү мекемелерде: "Санарип билим берүү борбору" мамлекеттик мекемеси – 10,0 миң сом, Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институту – 252,4 миң сом, Баткен облустук усулдук билим берүү борбору – 54,3 миң сом, Чүй-Токмок районунун БББ –2 944,7 миң сом, Бакай-Ата районундагы “Манас” жатак-интернат мектеби- 255,3 миң сом.

Ошондой эле, жогорулатылган **758,0 миң сом** кредитордук карыз аныкталды, алар төмөндөгү мекемелерде: Базар-Коргон райондук БББ – 182,7 миң сом, Кара-Суу дүлөй балдар үчүн адистештирилген жалпы билим берүүчү мектеп-интернаты – 217,2 миң сом (аудит учурунда эсептен алынды), Кадамжай райондук БББ – 358,1 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө” Жобонун “Милдеттенмелерди эсепке алуу” бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын.

Тиешелүү бухгалтердик жазууларды жүргүзүү менен **4 516,7миң сом** кредитордук карыз бухгалтердик эсепке алынсын, төмөндөгү мекемелерде: "Санарип билим берүү борбору" мамлекеттик мекемеси – 10,0 миң сом, Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институту –1 252,4 миң сом, Баткен облустук усулдук билим берүү борбору – 54,3 миң сом, Чүй-Токмок районунун БББ – 2 944,7 миң сом, Бакай-Ата районундагы “Манас” жатак-интернат мектеби 255,3 миң сом.

Тиешелүү бухгалтердик жазууларды жүргүзүү жана кредитордук карыздар эсептен алынсын, төмөндөгү мекемелерде: Базар-Коргон райондук БББ – 182,7 миң сом, Кадамжай райондук БББ – 358,1 миң сом,

**Ижара мамилелери**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин 101-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” Жобону бузуу менен ижара акылары республикалык бюджетке 68,8 миң сом которулган эмес, төмөндөгү мекемелерде: Тоң райондук БББ – 34,0 миң сом, Ак-Талаа райондук БББ – 18,0 миң сом, Ат-Башы райондук БББ –16,8 миң сом (жогоруда белгиленген уюмдарда аудит учурунда тиешелүү бюджетке которулган).

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин 101-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” Жобонунун талаптарына ылайык, ижара акыларды өз убагында тиешелүү бюджетке которуу көзөмөлдөнсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Баткен райондук БББ, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” Жобонун 17-пунктун бузуу менен, билим берүү бөлүмдөрүнүн имараттарында Кесиптик уюмунун комитеттери (профсоюз) менен ижара келишими түзүлбөстөн (келишим түзбөө жыл сайын кайталанат), акысыз пайдаланууга бөлмөлөр берилген, жалпы 126,0 миң сом эсептелинди.

**Сунуштама**

Баткен райондук БББ, кызматкерлерине ыңгайлуу иш шарттарын түзүп берүү үчүн, Кесиптик кошуундар уюму, усулдук бирикме колдонгон бөлмөлөр бошотулуп, бөлүмдөргө өткөрүлүп берилсин, же ижарага берүү боюнча келишимдер түзүлсүн.

Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин 101-беренесине ылайык, 126,0 миң сом эсептелген ижара акылары тиешелүү бюджетке которулсун.

**Мамлекеттик сатып алуулар**
**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 10-беренесинин 3-пунктун бузуу менен сатып алуу жөнүндө кулактандыруу жарыяланбастан **5 282,3 миң сомго** сатып алуулар жүргүзүлгөн, төмөндөгү мекемелерде: Араван райондук БББда – 595,1 миң сом; “Кут-Билим” медиа борбору – 4 468,1 миң сом, Нарын райондук БББ – 124,1 миң сом, Ат-Башы райондук БББ - 95,0 миң сом, Мындан сырткары:

- Мыйзамдын 26-беренесинин 7-пунктун бузуу менен сатып алууда эң төмөнкү бааны (эң жогорку арзандатууну) көрсөткөн берүүчүнүн сунушу четке кагылып **9,6 миң сомго** сатып алуулар жүргүзүлгөн, төмөндөгү мекемелерде: “Санат” ден соолукту чыңдоо борбору – 9,6 миң сом (аудит учурунда тиешелүү бюджетке которулган);
- Жалал-Абад шаардык БББ аталган Мыйзамдын 12-беренесинин 2-пунктунда каралган 13-пунктчасын бузуу менен сапатын ырастоочу документтери жок жеткирүүчүлөр менен **5 201,7 миң сомго** келишим түзүлгөн;
- Мыйзамдын 9-беренесин бузуу менен сатып алууларга мониторинг жүргүзүлбөстөн **13 064,6 миң сомго** сатып алуулар жүргүзүлгөн, төмөндөгү мекемелерде: Алай райондук БББ – 605,9 миң сом, Араван райондук БББ – 6 863,1 миң сом, А. Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи – 945,8 миң сом, Жумгал райондук БББ – 417,9 миң сом, Жети-Өгүз райондук БББ – 2 090,0 миң сом, Түп райондук БББ – 47,1 миң сом, Балыкчы шаардык БББ – 369,2 миң сом, Токтогул райондук БББ – 464,1 миң сом, Тогуз-Торо райондук БББ – 622,7 миң сом, Аксы райондук БББ – 32,9 миң сом, Чоң-Алай райондук БББ – 605,9 миң сом;
- Мыйзамдын 9-беренесинин 1-пунктун талаптарын бузуу менен, сатып алуулар бөлүмү түзүлүлбөстөн же бул милдеттерди өзүнүн бөлүмдөрүнүн бирине жүктөбөстөн, сатып алуулар жургүзүлгөн, төмөндөгү мекемелерде: Нарын шаардык БББ, Нарын райондук БББ,
- Мыйзамдын 50-беренесин бузуу менен контракты аткарууну кепилдик камсыздоосу жалпы **1 522,7 миң сом** депозиттик эсептерге түшкөн эмес, төмөндөгү мекемелерде: Республикалык экология, өлкө таануу жана туризм балдар жана өспүрүмдөр борбору – 359,0 миң сом, Токтогул райондук БББ -240,0 миң сом, Ж. Бөкөнбаев атындагы тарбиялык окуу комплекси – 44,6 миң сом, Кара-Суу райондук БББ – 275,8 миң сом, Ош шаарындагы азиз жана начар көргөн балдар үчүн адистештирилген жалпы билим берүүчү мектеп-интернаты –485,7 миң сом, Барчын санаторий-профилакториясы - 117,6 миң сом;

- Мыйзамдын 17-беренесинин 3-пунктунун талаптарын бузуу менен, ар бир чыгымдар беренесинен 200 000 сомдон ашкан 163,6 миң сом сатып алууларды жүргүзүлгөн, төмөндөгү мекемелерде: Республикалык илимий-методикалык борбор – 49,5 миң сом, К.Тилебалиев атындагы жетим балдар жана ата-энелеринин көзөмөлүсүз калган балдар үчүн Панфилов жатак мектеби – 87,9 миң сом, Тогуз-Торо райондук БББ – 26,2 миң сом;

- Мыйзамдын 22-беренесинин 6-пунктунун талаптарын бузуу менен, келишимди кол коюудан баш тарткан катышуучулардын, сунушун кепилдик камсыздоо суммасы Бакай-Ата райондук БББ – 30,0 миң сом которулган эмес;

- Мыйзамдын 26-беренесинин 1-пунктуна шайкеш келбеген учурда В.И. Ленин атындагы жатак-гимназия мектебинде 226,7 миң сомго келишимдер түзүлгөн.;

- Мыйзамдын 12-беренесинин 3-пунктун бузуу менен, мамлекеттик сатып алуулар порталына бир күндө, бир типтүү товар жана кызмат көрсөтүүнү эки башка кулактандырууга бөлүү жолу менен жарыяланып, жеңүүчү аныкталып, **5 099,7 миң сомго** келишимдер түзүлгөн, төмөндөгү мекемелерде: Өзгөн шаардык БББ – 5 030,0 миң сом, Сүлүктү шаардык БББ – 69,7 миң сом;

- Мыйзамдын 11-беренесинин 4-пунктунун талаптарын бузуу менен Баткен шаардык БББда сатып алынуучу товарлардын мүнөздөмөсү (сорту, көлөмү, сапаты ж.б.) толук түрдө баяндалбаган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамына ылайык, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулар жүргүзүлсүн.

Мамлекеттик сатып алууларга жооптуу кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу максатында иш-чаралар жүргүзүлсүн жана кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын, төмөндөгү мекемелерде: Араван райондук БББ, “Санат” ден соолукту чыңдоо борбору, Жалал-Абад шаардык БББ, Алай райондук БББ, А. Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи, Жумгал райондук БББ, Жети-Өгүз райондук БББ, Түп райондук БББ, Балыкчы шаардык БББ, Токтогул райондук БББ, Тогуз-Торо райондук БББ, Аксы райондук БББ, Чоң-Алай райондук БББ, Нарын шаардык БББ, Нарын райондук БББ, Республикалык экология, өлкө таануу жана туризм балдар жана өспүрүмдөр борбору, Токтогул райондук БББ, Ж.Бөкөнбаев атындагы тарбиялык окуу комплекси, Кара-Суу райондук БББ, Ош шаарындагы азиз жана начар көргөн балдар үчүн адистештирилген жалпы билим берүүчү мектеп-интернаты, Барчын санаторий-профилакториясы, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу «Кут-Билим» медиа борбору, Ат-Башы райондук БББ, Республикалык илимий-методикалык борбору, К.Тилебалиев атындагы жетим балдар жана ата-энелеринин көзөмөлүсүз калган балдар үчүн Панфилов жатак мектеби, Бакай-Ата райондук БББ,

В.И. Ленин атындагы жатак-гимназия мектеби, Өзгөн шаардык БББ, Сүлүктү шаардык БББ, Баткен шаардык БББ.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 16-январындагы № 8-т тескемеси менен "Сатып алуулар борбору" мамлекеттик мекемеси тарабынан борборлоштурулуп сатып алынуучу товарлардын тизмегине кирген товарларды жана жабдууларды **1 164,0 миң сомго** өз алдынча сатып алууларды жүргүзүшкөн, төмөндөгү мекемелерде: Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институту – 239,2 миң сом, "Алтын түйүн" улуттук балдар инженердик-техникалык академиясы – 376,4 миң сом, Нарын райондук БББ – 124,1 миң сом, Т. Сатылганов атындагы Ысык-Көл облустук мектеп-лицей-интернаты – 106,4 миң сом, Ысык-Көл областтык билим берүү институту – 68,0 миң сом, Өзгөн шаардык БББ – 249,9 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен аныкталган товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө өз алдынча сатып алууларды өткөрүү токтотулсун, төмөндөгү мекемелерде: Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институту, "Алтын түйүн" улуттук балдар инженердик-техникалык академиясы, Нарын райондук БББ, Сатылганов атындагы Ысык-Көл облустук мектеп-лицей-интернаты, Ысык-Көл областтык билим берүү институту

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобосунун 312-пунктун бузуу менен жумуштарды аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө 100% төлөмдөр **10 270,2 миң сом** алдын-ала которулуп берилген, төмөндөгү мекемелерде: Республикалык экология, өлкө таануу жана туризм балдар жана өспүрүмдөр борбору – 536,6 миң сом, Ош билим берүү институту –24,1 миң сом, Лейлек райондук БББ – 4 963,9 миң сом, Сүлүктү шаардык БББ – 4 745,6 миң сом.

**Сунуштама**

Жогоруда белгиленген Жобонун 312-пунктун бузуу менен төлөмдөрдү алдын-ала которуп берүүлөргө жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын, төмөндөгү мекемелерде: Республикалык экология, өлке таануу жана туризм балдар жана өспүрүмдөр борбору, Ош билим берүү институту, Лейлек райондук БББ, Сүлүктү шаардык БББ

**Башка бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду**

Угуусу начар жана кечирээк укпай калган балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак-мектебинде аталган Жобонун 137-пунктун бузуу менен жатак-мектебинин жер тилкесин пайдалануу укугун ырастаган документтин (мамлекеттик актынын) жоктугуна байланыштуу жер участоктогу бухгалтердик эсепке алынган эмес.

**Сунуштама**

Угуусу начар жана кечирээк укпай калган балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак-мектеби, кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен биргеликте жатак-мектебинин жер тилкесинин аянты такталсын, жер тилкесине болгон укукту күбөлөндүрүүчү документ алынуусу камсыздалсын жана көз карандысыз тараптар аркылуу баалоо боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

“Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 8-главасынын, “Милдеттенмелерди эсепке алуу” бөлүгүн бузуу менен, мөөнөтүнөн өтүп кеткен кредитордук карыздар аныкталган, төмөндөгү мекемелерде: Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин борборлоштурулган иш-чаралары – 1 770,6 миң сом, "Келечек" балдар чыгармачылык борбору – 9,5 миң сом, Кызыл-Кыя шаардык БББ – 164,4 миң сом,

Ушундай эле, Жобонун 7-главасынын, “Дебитордук карызды эсепке алуу” параграфынын юридикалык жактар менен эсептешүүнү эсепке алуу бөлүгүн бузуу менен, мөөнөтүнөн өтүп кеткен дебитордук карыз аныкталды, төмөндөгү мекемелерде: Кызыл-Кыя шаардык БББ – 104,6 миң сом,

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 7-главасынын, “Дебитордук карызды эсепке алуу” жана 8-главасынын, “Милдеттенмелерди эсепке алуу” бөлүгүн талаптарына ылайык, мөөнөтү өтүп кеткен дебитордук жана кредитордук карыздар талданып, бухгалтерлик эсептен чыгаруу жана/же тындыруу боюнча чаралар көрүлсүн, алар төмөндөгү мекемелер: "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин борборлоштурулган иш-чаралары, "Келечек" балдар чыгармачылык борбору, Кызыл-Кыя шаардык БББ.

**Аныкталды жана корутунду**

Анадолу Кыргыз-Түрк кыздар техникалык лицейинде, жогоруда аталган Жобонун 354-пунктун бузуу менен стипендияны кошуп эсептөө жана төлөө, айына бир жолу жүргүзүлбөстөн, жыл ичинде 5 жолу эсептешүү-төлөө ведомосттору менен 105,7 миң сом которулган.

**Сунуштама**

Анадолу Кыргыз-Түрк кыздар техникалык лицейи, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптарына ылайык, ай сайын төлөмдөр жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Нарын облусунун билим берүүнүн методикалык борбору, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун талаптарын бузуу менен бухгалтердик өткөрүүлөр берилген эмес, финансылык отчеттор так түзүлгөн эмес, аналитикалык жана синтетикалык регистрлер жүргүзүлгөн эмес. Бухгалтердик эсепти жүргүзүү автоматташтырылган эмес.

**Сунуштама**

Нарын облусунун билим берүүнүн методикалык борборунда, бухгалтердик эсепти жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун ченемдерине ылайык келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Нарын облусунун билим берүүнүн методикалык борбору, Борбордун максаттары жана милдеттери: аймактагы билим берүү мекемелериндеги бирдиктүү маалыматтык базаны камсыз кылуу, педагог кадрларга методикалык жардамдарды көрсөтүү жана билим берүү тармагынын комплекстүү өнүгүүсү үчүн уюштуруучулук аракеттерди көрүү максатын көздөйт, педагог кадрлардын билимин жогорулатуу болуп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, жеткиликтүү иш алып барылбайт.

**Сунуштама**

Нарын облусунун билим берүүнүн методикалык борбору, функционалдык милдеттерине талдоо жүргүзүлүп, оптимизация жүргүзүү каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Жумгал райондук мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 29-августундагы №01-05/144 буйругунун негизинде Жумгал райондук мамлекеттик администрациясынын эсебинде турган 2008-жылкы ВАЗ 21214 үлгүсүндөгү автоунаа Жумгал райондук билим берүү бөлүмүнө каттоодон өткөрүлүп берилген. Бирок, Жумгал райондук БББ автоунаага менчик укуктарын мамлекеттик кайра каттоодон өткөргөн эмес.

**Сунуштама**

Жумгал райондук мамлекеттик администрациясына таандык 2008-жылы чыгарылган ВАЗ 21214 үлгүсүндөгү автоунаа тиешелүү мамлекеттик каттоо органдарынан кайра каттоодон өткөрүлүп, Жумгал райондук БББ катталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №680/66-6 "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө" токтомунун талаптарына шайкеш келбестен төлөм терминалдарын жана/же башка инструменттерди пайдалануу менен төлөмдөрдү кабыл алуу үчүн арналган жабдууларды (программалык-техникалык түзүлүш) орнотуу максатында уюштуруу чаралары көрүлбөй, кассасына төлөнүп, атайын эсепке кириштелет, төмөндөгү мекемелерде: У. Асанов атындагы Нарын облустук жатак-мектеби, А. Өмүралиев атындагы №26, "Санат" ден-соолукту чыңдоо борбору.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №680/66-6 "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө" токтомунун талаптары так сакталсын, төмөндөгү мекемелерде: У. Асанов атындагы Нарын облустук жатак-мектеби, А. Өмүралиев атындагы №26 , "Санат" ден-соолукту чыңдоо борбору.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин" талаптары сакталбастан, Ат-Башы райондук БББнын мектептеринин алдындагы чарбалардын ишмердүүлүгүн алкагында өздүк өндүрүштөгү товарларды сатуудан түшкөн накталай каражаттарды эсепке алуу боюнча кассалык китеп жана документтер түзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Ат-Башы райондук БББда накталай каражаттарды кириштөө жана чыгыштоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин" талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Жалал-Абад шаардык БББ, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 2023-2024-окуу жылына карата базистик окуу планынын талаптарын бузуу менен окуу планы боюнча бекитилген 9995 окуу сааттары

мугалимдердин жетишизсиздигинен жана ар түрдүү себептер менен окуу сааттары өткөрүлбөй калган.

**Сунуштама**

Жалал-Абад шаарындагы мамлекеттик жана муниципалдык типтеги жалпы орто билим берүү уюмдары 2023-жылы 1-августунан № 4807/1, 2024-жылы 16-августунан №1296/1 буйругунун негизинде бекитилген " КР жалпы билим берүү уюмдарынын 2023-2024- окуу жылына карата базистик окуу планынын" талаптарын бузууга жол берилбесин жана сабак жүктөмүн алдын ала талдап, мугалим жетишсиздигин эрте аныктоо үчүн иш-чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Чоң-Алай райондук БББ, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген "Санитардык-эпидемиологиялык эрежелер жана ченемдеринин" 5-тиркемесинин талаптарына шайкеш келбестен, 4 орто мектептерде класстык комплектөөдө ар бир класска 22-25 окуучу туура келсе, 11 класстык-комплект жана Аксы райондук БББ 6 класстык-комплект ашыкча комплекттелгендиги аныкталды.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген "Санитардык-эпидемиологиялык эрежелер жана ченемдерине" 5-тиркемесинин талаптарынын негизинде класс-комплектөөнү ылайык келтирүү, төмөндөгү мекемелерде: Чоң-Алай райондук БББ, Аксы райондук БББ.

**Башталгыч кесиптик билим берүү боюнча**

Кыргыз Республикасында башталгыч кесиптик билим берүүнүн системасы 100 окуу жайды камтыйт, алардын ичинен 93 КЛ, 6 – Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын түзөтүү мекемелериндеги кесиптик окуу жайлар. Аймактар боюнча: Бишкек шаары - 16, Чүй областы - 20, Ысык-Көл областы - 8, Нарын областы - 7, Талас областы - 6, Жалал-Абад областы - 19, Ош областы - 13, Баткен областы - 11.

2023-2024-окуу жылына карата бюджеттик негизде окугандар– 14 210 (3 жылдык окуу мөөнөтү менен 6100, окуу мөөнөтү 10 ай -11145).

**Министрлик аркылуу 100 КЛ каржыланат, окуучулардын саны 31455.**

Кызматкерлер:

- административдик персонал -725 штаттык бирдик;
- Педагогикалык персонал - 2800 штаттык бирдик;
- Техникалык жана кенже тейлөөчүү персонал – 625 штаттык бирдик

**Бир жылга 1 окуучуга 86,9 миң сом мамлекеттен каржыланат.**

1 күндүк тамак аш ченеми 1 окуучуга – 60 сом.

Бир күндүк ченем тамак ашка өзгөчө муктаждыктары бар 1 окуучуга – 160 сом.

Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарында академиялык жетишкендигине жараша айына 300-500 сомго чейин стипендия берилет.

**Эмгек акы төлөөнүн шарттарынын сакталышы**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 29-майындагы №300 “Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө” токтомун бузуу менен ашыкча штаттык бирдиктерди күтүүгө **2 383,7 миң сом** чыгымдалган, төмөндөгү мекемелерде: №53 КЛ (китепканачы) – 19,9 миң сом (анын ичинен социалдык төгүмдөр 3,0 миң сом), №36 КЛ (кароолчу) – 445,7 миң сом (анын ичинен социалдык төгүмдөр 65,6 миң сом), №59 КЛ (кароолчу) – 411,1 миң сом (анын ичинен социалдык төгүмдөр 60,4 миң сом), №44 КЛ (жатакана башчысы)– 248,3 миң сом (анын ичинен социалдык төгүмдөр 36,5 миң сом), №109 КЛ (механик кызматы жана системалык администратор) – 356,1 миң сом, №4 Кесиптик окуу жайы (бүгүнкү күндө №1 Кесиптик окуу жайы) – 22,1 миң сом, №23 КЛ – 5,7 миң сом, №56 КЛ – 7,3 миң сом, Б.Жакыпов атындагы №30 КЛ (дене тарбия боюнча жетекчиси) – 702,9 миң сом, №111 КЛ – 164,6 миң сом,

**Сунуштама**

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 29-майындагы №300 “Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө” токтомунун талаптарына ылайык штаттык бирдиктер шайкеш келтирилсин жана тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын, төмөндөгү мекемелерде: №108 КЛ, №36 КЛ, №59 КЛ, №44 КЛ, №109 КЛ, №1 Кесиптик окуу жайы, №23 КЛ, №56 КЛ, Б.Жакыпов атындагы №30 КЛ, №111 КЛ.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылын 30-мартындагы №181 токтому менен бекитилген “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндөгү” Жобонун талаптарын бузуу менен тарификацияларды, эселөө коэффициенттерди жана педагогикалык стаждарды туура эмес эсептөөдөн, кызматкерлердин эмгек өргүүлөрү иштеген мезгилине пропорционалдуу эсептелбестен, күндөрү көбөйтүлүп эсептелинден, ашыкча педагогикалык жүктөмдөрдү берүүдөн, жумуштарды айкалыштырып иштөөдөгү ж.б. бузуулардын негизинде **3 232,1 миң сомго** ашыкча эсептөөлөр жүргүзүлгөн (№3 Тиркемеде көрсөтүлгөн кесиптик лицейлерде).

**Сунуштама**

Билим берүү уюмдары, эмгек акы төлөмдөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 токтому менен бекитилген “Билим берүү системасынын

педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндөгү” жобонун талаптарына ылайык келтирилсин (№3 тиркемеде көрсөтүлгөн билим берүү уюмдарында).

Ашыкча чыгымдарга жол берген билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын (№3 тиркемеде көрсөтүлгөн кесиптик лицейлерде).

**Аныкталды жана корутунду:**

М. Мырзабеков атындагы №87 КЛ, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун” 329;336-пункттарынын талаптарын бузуу менен, эмгек акыга 45,6 миң сомдук аванстар өз убагында кармалган эмес.

**Сунуштама:**

М. Мырзабеков атындагы №87 КЛ, аванстык төлөмдөр боюнча өз убагында эсептешүүлөр жүргүзүлбөгөндүгү үчүн тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Аванстык төлөмдөр боюнча эсептешүүлөр 45,6 миң сомго жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндөгү” токтомун талаптары сакталбастан: жумуш ордуна аттестациялоо жүргүзүлбөстөн, жумуш ордун аттестациялоонун натыйжалары жетекчилик тарабынан каралбастан, эмгек шарттарын жана коопсуздукту жакшыртуу боюнча эч кандай чаралар көрүлбөстөн, ыйгарым укуктуу орган менен макулдашылбай оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча **661,8 миң сом** төлөмдөр чыгымдалган, төмөндөгү мекемелерде: №45 КЛ – 380,0 миң сом (анын ичинен социалдык фонддун төгүмдөрү 55,9 миң сом), №89 КЛ – 23,7 миң сом (анын ичинен социалдык фонддун төгүмдөрү 3,5 миң сом), №12 КЛ – 160,6 миң сом (анын ичинен социалдык фонддун төгүмдөрү 27,7 миң сом), Кыргыз-Өзбек КЛ – 37,8 миң сом (анын ичинен социалдык фонддун төгүмдөрү 5,6 миң сом), №73 КЛ – 59,7 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген, “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби

жөнүндө" жобонун талаптары так сакталып, оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн негизсиз кошумча төлөмдөрдү төлөө токтотулсун, төмөндөгү мекемелерде: №45 КЛ, №89 КЛ, №12 КЛ, Кыргыз-Өзбек КЛ, №73 КЛ.

**Бюджетти түзүү менен байланышкан жана башка бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы №231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башталгыч кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарын бир билим алуучуга эсептелген бюджеттик каржылоонун" Типтүү ченемдерин бузуу менен, башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарын 2024-жылы **49 361,9 миң сомго** бюджеттик каражаттарды кем каржылаган, анын ичинде: Ч. Түлөбердиев атындагы №13 КЛ – 28 328,2 миң сом, №106 КЛ – 4 005,5 миң сом, №61 КЛ – 4 261,8 миң сом, №23 КЛ – 2 252,5 миң сом, №102 КЛ – 1 574,1 миң сом, Бакай-Ата районундагы "Манас" жатак-интернат мектеби – 994,4 миң сом, №51 КЛ - 2 764,0 миң сом, №28 КЛ - 456,1 миң сом, №56 КЛ - 4 725,3 миң сом.

Мындан сырткары, жогоруда белгиленген Типтүү ченемдерден **2 453,4 миң сомго** ашыкча каржылоо жүргүзүлгөн, анын ичинде: №19 КЛ – 179,4 миң сом, №105 КЛ – 1 542,0 миң сом, №85 КЛ – 732,0 миң сом.

**Сунуштама**

Башталгыч кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарын республикалык бюджеттен каржылоо үчүн бекитилген ченемдердин аткарылышы камсыздалсын.

**Коммуналдык кызматтарды жана ТМБ чыгымдоолордо белгиленген ченемдердин сакталышы**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2023-жылдын 14-ноябрындагы № 01-13/231 жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигин 2023-жылдын 14-ноябрындагы № 138-Б "2023-2024-жылдарга карата бюджеттик уюмдардын жеке керектөөлөрүнө электр, жылуулук энергиясынын жана жаратылыш газынын лимиттерин бекитүү жөнүндө" биргелешкен буйругу жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 26-декабрынын №5676/1 буйругунун негизинде бекитилген электр энергиясынын лимиттери сакталган эмес (окуу жана административдик имаратын жылытуу үчүн колдонулгандыгынын жаңы жабдуулардын көбөйүшүнө байланыштуу), натыйжада жалпы **5 155,2 миң сомго** ашыкча чыгымдалган, анын ичинен:

1. Электр энергиясы боюнча 4 357,2 миң сом төмөндөгү мекемелерде:

- №99 КЛ – 158,3 миң сом, №91 КЛ – 997,3 миң сом, №55 КЛ – 99,3 миң сом, №82 КЛ – 233,7 миң сом, №42 КЛ – 54,9 миң сом, №81 КЛ – 129,3 миң

сом, №22 КЛ – 78,4 миң сом, №2 КЛ – 429,5 миң сом, №77 КЛ – 35,7 миң сом, №36 КЛ – 133,7 миң сом, №22 КЛ – 451,7 миң сом, №29 КЛ – 103,9 миң сом, №43 КЛ – 47,2 миң сом, №102 КЛ – 229,2 миң сом, №6 КЛ – 181,2 миң сом, №105 КЛ – 993,9 миң сом.

2. Жылуулук энергиясы боюнча№10 КЛ 798,0 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги коммуналдык кызматтарды керектөөнүн бекитилген лимиттери ашыкча чыгымдалышы талдансын жана Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2023-жылдын 14-ноябрындагы № 01-13/231 жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигин 2023-жылдын 14-ноябрындагы № 138-Б "2023-2024-жылдарга карата бюджеттик уюмдардын жеке керектөөлөрүнө электр, жылуулук энергиясынын жана жаратылыш газынын лимиттерин бекитүү жөнүндө" биргелешкен буйругунун 5-пунктуна ылайык төмөндөгү мекемелердин жетекчилеринин жоопкерчилиги каралсын: №99 КЛ, №91 КЛ, №55 КЛ, №82 КЛ, №42 КЛ, №81 КЛ, №22 КЛ, №2 КЛ, №77 КЛ, №36 КЛ, №22 КЛ, №29 КЛ, №43 КЛ, №102 КЛ, №6 КЛ, №105 КЛ, №10 КЛ.

**Аныкталды жана корутунду**

№36 КЛ, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы №576 токтому менен бекитилген “Электр энергиясын пайдалануу” эрежесинин 94-берененин 2-пунктуна ылайык, керектелген электр энергиясы үчүн төлөмү өз учурунда төлөнбөгөндүгү үчүн, Кыргыз Республикасынын “Кыргызстан Улуттук электр тармактары” ААКсына 57,9 миң сом туум төлөнүп, бюджеттик жоготууларына жол берилген.

**Сунуштама**

№36 КЛ, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы № 576 токтому менен бекитилген “Электр энергиясын пайдалануу” эрежелери сакталсын жана айып пул төлөөнүн негизинде бюджеттик жоготууларга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Райондук салык кызматынын өз ара эсептешүү актысынын негизинде социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү жана киреше салыгы боюнча өз убагында эсептешүүлөр жүргүзүлбөгөндүгү себебинен туум жана айып(пени штраф) үчүн жалпы **298,1 миң сом** эсептелип, бюджеттик жоготууларына жол берилген, томөндөгү мекемелерде: №109 КЛ – 135,1 миң сом, №65 КЛ – 163,0 миң сом.

**Сунуштама**

Социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча өз убагында эсептешүүлөрдү жүргүзүлсүн жана бюджеттик жоготууларга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын, төмөндөгү мекемелерде: №109 КЛ, №65 КЛ.

**Тамак - аш азыктарын эсептен чыгаруу ченемдерин сактоо**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы №7 "Социалдык чөйрөдөгү мекемелердеги тамак-аштын акчалай ченемдери жөнүндө" токтомун бузуу менен, белгиленген ченемдерден 30,4 миң сомго ашыкча тамак-аш азыктары эсептен чыгарылган, анын ичинде: №97 КЛ – 5,4 миң сом, №53 КЛ – 20,8 миң сом, №44 КЛ – 4,2 миң сом,

Ошондой эле, жогорудагы токтомдун талаптарын бузуу менен тамак-аш азыктары белгиленген ченемдерден **489,6 миң сомго** аз чыгымдалган, анын ичинде: №12 КЛ – 468,2 миң сом, №76 КЛ – 21,4 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы №7 "Социалдык чөйрөдөгү мекемелердеги тамак-аштын акчалай ченемдери жөнүндө" токтомун талаптарына ылайык, окуучуларга тамак-аш азыктарын чыгымдоо боюнча белгиленген нормалардан четтөө жүргүзүлбөсүн.

Тамак-аш азыктары боюнча негизсиз чыгымдоолор тиешелүү бюджетке чегерилсин, төмөндөгү мекемелерде: №97 КЛ – 5,4 миң сом, №53 КЛ –20,8 миң сом, №44 КЛ – 4,2 миң сом,

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз-Өзбек КЛ, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 6-главасынын, "Запастарды эсепке алуу" параграфынын бузуу менен, запастар боюнча чыгымдардын сарпталышында чыгаша документтери толукталбай **350,5 миң сом** запастар эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

Кыргыз-Өзбек КЛ, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 246-пунктунун талаптарына ылайык, баштапкы документтердин негизинде жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

№5 КЛ, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 29-майындагы № 825/1 буйругу менен бекитилген "Башталгыч кесиптик окуу жайларыиын окуучуларын өндүрүштүк окутуу жана өндүрүштүк практика жөнүндө" Жобонун 24-пунктунун талаптарын бузуу менен, өндүрүштүк практика учурунда окуучулардан 22,0 миң сом төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 29-майындагы № 825/1 буйругу менен бекитилген “Башталгыч кесиптик окуу жайларынын окуучуларын өндүрүштүк окутуу жана өндүрүштүк практика жөнүндө” Жобонун ченемдеринин аткарылышы камсыздалсын.

**Бюджеттик төлөмдөр, туумдар жана айыптар**

**Аныкталды жана корутунду**

№46 КЛ, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууларга түзүлгөн келишимдердеги каралган милдеттенмелерин мөөнөтүндө аткарылбагандыгы үчүн айыптык төлөмдөр 7,5 миң сомго эсептелген.

**Сунуштама**

№46 КЛ, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууларга түзүлгөн келишимдердеги каралган милдеттенмелерин мөөнөтүндө аткарылбагандыгы үчүн 7,5 миң сом айыптык төлөмдү талап кылуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн (орто эсеп менен эсептелген).

**Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун тиешелүү бюджетине каражаттардын чегерилбеши**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” нускамасынын талаптарын бузуу менен, кызматкерлердин эмгек акысынан **142,4 миң сом** киреше салыгы менен **942,7 миң сом** мамлекеттик камсыздандыруу боюнча төгүмдөрү тиешелүү бюджетке которулган эмес, төмөндөгү мекемелерде: №2 КЛ – 38,6 миң сом киреше салыгы жана 30,6 миң сом мамлекеттик камсыздандыруу боюнча төгүмдөрү, №39 КЛ киреше салыгы 37,3 миң сом жана социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү 143,7 миң сом, №77 КЛ киреше салыгы 19,5 миң сом, социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү 18,8 миң сом, №36 КЛ киреше салыгы 30,5 миң сом, социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү 27,4 миң сом, Ж.Тойгонбаев атындагы №15 КЛ социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү 39,5 миң сом, Б.Жакыпов атындагы №30 КЛ киреше салыгы 16,5 миң сом жана социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү 16,5 миң сом, №72 КЛ социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү 666,2 миң сом (STI-161 Киреше салыгы жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттары боюнча отчету түзүлбөгөндүктөн аудит учурунда кошумча эсептелди).

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча

камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" нускамасынын талаптарына ылайык тиешелүү бюджетке чегерилсин, төмөндөгү мекемелерде: киреше салыгы, №2 КЛ – 38,6 миң сом, №39 КЛ - 37,3 миң сом, №77 КЛ -19,5 миң сом, №36 КЛ -30,5 миң сом, Б.Жакыпов атындагы №30 КЛ -16,5 миң сом;

- камсыздандыруу төгүмдөрү №2 КЛ -30,6 миң сом, №39 КЛ 143,7 миң сом, №77 КЛ-18,8 миң сом, №36 КЛ -27,4 миң сом, Ж. Тойгонбаев атындагы №15 КЛ -39,5 миң сом, Б. Жакыпов атындагы №30 КЛ -16,5 миң сом, №72 КЛ -666,2 миң сом.

**Бааны коюу жана тарифтерди түзүү**

**Аныкталды жана корутунду**

№17 КЛ, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 "Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө" токтомунун 2-пунктун бузуу менен, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине киргизилбеген 6,3 миң сомго акы төлөмө мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүгө жол берилген.

**Сунуштама**

№17 КЛ, Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексинин 153-беренесине ылайык, 6,3 миң сом тиешелүү бюджетке которулсун.

**Максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган бюджеттин каражаттары**

**Аныкталды жана корутунду**

№42 КЛ, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын, чыгашалардын экономикалык жана функциялык классификация чыгашалары, максаттары боюнча классификацияланбай, 2222 "Учурдагы чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды сатып алуу" беренесинен негизги каражаттардын фондуна 125,3 миң сом чыгымдалган.

Ушундай эле, "Башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу" 2215 жана "Учурдагы чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды сатып алуу" 2222 беренелеринен **579,1 миң сом** негизги каражаттарды (СКУД аппараттарды) сатып алууларга сарпталган, анын ичинен республикалык бюджеттин эсебинен 102,4 миң сом жана атайын каражаттын эсебинен 476,7 миң сом, төмөндөгү мекемелерден сарпталган: атайын каражаттардан №17 КЛ – 131,0 миң сом, №93 КЛ – 100,0 миң сом, №32 КЛ – 115,8 миң сом, №25 КЛ – 129,9 миң сом, бюджеттик каражаттардан №28 КЛ –77,0 миң сом, №106 КЛ – 25,4 миң сом.

**Сунуштама**

Бюджеттик мыйзамдарга ылайык, максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган каражаттар тиешелүү бюджеттерге чегерилсин №28 КЛ – 77,0 миң сом, №106 КЛ – 25,4 миң сом.

Мыйзамдарда көрсөтүлгөн ченемдерди бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын, төмөндөгү мекемелерде: №42 КЛ, №17 КЛ, №93 КЛ, №32 КЛ, №25 КЛ, №28 КЛ, №106 КЛ.

**Каражаттарды чыгымдоолор (казыналык эсептен четтөө)**

**Аныкталды жана корутунду**

№108 КЛ, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 104-беренесинин 3-пунктунун 2-пунктчасын бузуу менен кызмат көрсөтүүлөр үчүн түшкөн – 17,0 миң сом казыналык эсептен сырткары, касса аркылуу чыгымдалган.

**Сунуштама**

№108 КЛ, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 131-беренесине ылайык 17,0 миң сом тиешелүү бюджетке чегерилсин.

**Бюджеттерди аткаруудагы башка бузуулар жана кемчиликтер**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы № 231 “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарын жана Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоо тартиби жөнүндө” токтому менен төмөнкүдөй каржылоо тартиби бекитилген.

Башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарынын чыгымдарын бекитилген типтүү ченемдерге ылайык билим алуучулардын санынын негизинде аныктоо, экономикалык классификациянын чыгымдарынын бардык беренелери боюнча бекитүү жана бөлүштүрүү.

Аталган токтомдун 2-пунктунун талаптары сакталбастан, бюджеттик негизде кабыл алынган окуучулардын окуудан четтетилгендигине байланыштуу бюджеттик чыгымдар **36 503,6 миң сом** чыгымдалган, төмөндөгү мекемелерде: №5 КЛ – 2 208,6 миң сом, №17 КЛ – 1 980,0 миң сом, №100 КЛ – 4 309,2 миң сом, №94 КЛ – 1 117,2 миң сом, №82 КЛ – 1 139,2 миң сом, №42 КЛ – 1 686,9 миң сом, №39 КЛ – 2 552,0 миң сом, №77 КЛ – 468,1 миң сом, №36 КЛ – 1 301,1 миң сом, №108 КЛ – 350,0 миң сом, №60 КЛ – 328,0 миң сом, №12 КЛ – 3 329,4 миң сом, №54 КЛ – 3 128,0 миң сом, Кыргыз-Өзбек КЛ – 2 025,0 миң сом, №37 КЛ – 149,8 миң сом, №43 КЛ – 199,9 миң сом, Ч. Түлөбердиев атындагы №13 КЛ – 3 191,4 миң сом, №56 КЛ - 374,9 миң сом, №19 КЛ – 944,8 миң сом, №110 КЛ – 2 201,4 миң сом, №6 КЛ – 2 277,0 миң сом, №90-КЛ – 1 241,7 миң сом.

**Сунуштама**

Билим берүү уюмдарында окуучулардын жетишкендиктерин арттыруу, окуудан чыгарылышын азайтууга болгон иш аракеттер күчөтүлсүн.

**Иш-сапар чыгымдары**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Иш-сапардык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомун бузуу менен иш сапар чыгымдары 23,3 миң сомго ашыкча төлөнгөн, анын ичинен: № 53 КЛ – 10,0 миң сом, № 59 КЛ – 1,5 миң сом, Д.Шопоков атындагы №106 КЛ – 11,8 миң сом;

**Сунуштама**

Иш сапар чыгымдарына төлөмдөр, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы № 778 "Иш сапардык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомуна ылайык жүргүзүлсүн жана 30,1 миң сом тиешелүү бюджетке которулсун, төмөндөгү мекемелерде: № 53 КЛ – 10,0 миң сом, № 59 КЛ – 1,5 миң сом, .Шопоков атындагы №106 КЛ – 11,8 миң сом.

**Бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду**

№5 Кесиптик окуу жайында (бүгүнкү күндө №1 кесиптик окуу жайы), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 7-главасынын 2-параграфынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин касалык операцияларды жүргүзүү" тартибинин талаптарын бузуу менен, 120,5 миң сом накталай акча каражаттары кириштелбестен, кассалык чыгыш ордери аркылуу чыгымдалган.

**Сунуштама**

№1 Кесиптик окуу жайында кассалык операцияларды жүргүзүү тартиби аткарылсын жана накталай каражаттарды чыгымдоого жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Негизги каражаттардын жана ТМБ сакталышы жана пайдаланылышы**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун "Бухгалтердик эсепти жүргүзүүгө негизги

талаптар” 2-главасынын 1-параграфындагы 5-пункту бузуу менен инвентаризациялоонун жыйынтыгында бухгалтердик эсеп боюнча:

-негизги каражаттардын жана товардык материалдык баалуулуктардын жетишпестиги – 28,3 миң сомго аныкталган (аудит учурунда 3,0 миң сом ордуна коюлду), анын ичинде: - №4 КЛ – 25,3 миң сом, №36 КЛ – 1,4 миң сом, №60 КЛ – 1,6 миң сом.

Мындан сырткары, Жобонун 43-пунктун бузуу менен №36 КЛ негизги каражаттардын жана товардык материалдык баалуулуктардын 1,7 миң сомго ашыкча чыгуусу аныкталган (аудит учурунда калыбына келтирилген).

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобосунун 2-главасынын 1-параграфындагы 5-пунктунун жана 43-пунктунун талаптарын аткаруу көзөмөлдөнсүн, төмөндөгү мекемелерде: №4 КЛ, №36 КЛ, №60 КЛ, №108 КЛ, №36 КЛ, №97 КЛ.

№4 КЛ – 25,3 миң сом ТМБнын жетишпестиктери бюджетке калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун “Запастарды эсепке алуу” жана “Запастарды баалоо жана эсептен чыгаруу” параграфтарынын талаптарын бузуу менен, запастарды баштапкы документтерисиз **831,9 миң сомго** эсептен чыгарылган, төмөндөгү мекемелерде: №4 КЛ – 830,8 миң сом, №44 КЛ – 1,1 миң сом,.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобого ылайык запастарды, баалуулугу аз жана тез эскирүүчү предметтерди эсепке алуу жана эсептен чыгаруу бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын.

Баштапкы документтерисиз эсептен чыгарылган запастардын суммасы **831,9 миң сом** калыбына келтирилсин, төмөндөгү мекемелерде: №4 КЛ – 830,8 миң сом, №44 КЛ – 1,1 миң сом.

№4 КЛ Баштапкы документтерисиз запастарды эсептен чыгарууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Негизги каражаттарды эсепке алуу**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 6-главасынын "Негизги каражаттарды таануу" 1-параграфынын 127-пунктун бузуу менен **24 048,5 миң сомдук** негизги каражаттар актив катары эсепке алынган эмес, төмөндөгү мекемелерде: №75 КЛ –10 148,2 миң сом, №53 КЛ – 1 054,5 миң сом, №44 КЛ –3 109,9 миң сом, №47 КЛ – 5 744,2 миң сом (аудит учурунда жогоруда белгиленген мекемелерде бухгалтердик маалымкат түзүлүп эсепке алынды), №108 КЛ – 1 824,3 миң сом, №97 КЛ – 1 344,7 миң сом. №81 КЛ – 72,7 миң сом, №22 КЛ – 750,0 миң сом,

**Сунуштама**

"Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун "Негизги каражаттарды таануу" бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын.

Аталган Жобого ылайык, тиешелүү бухгалтердик жазууларды жүргүзүү менен негизги каражаттар эсепке алынсын, төмөндөгү мекемелерде: төмөндөгү мекемелерде: №81 КЛ – 72,7 миң сом, №22 КЛ – 750,0 миң сом, №108 КЛ – 1 824,3 миң сом, №97 КЛ– 1 344,7 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

№53 КЛ, Жобонун 6-главасынын "Негизги каражаттарды таануу" бөлүгүнүн 141, 142 жана 143-пункттарын бузуу менен, негизги каражаттардын баланстык наркына капиталдык оңдоолорго чыгымдар **644,2 миң сом** кошулган эмес.

**Сунуштама**

№53 КЛ, тиешелүү бухгалтердик жазууларды жүргүзүү менен негизги каражаттардын баланстык баасы 644,2 миң сомго көбөйтүлсүн.

**Негизги каражаттарды баланстан чыгаруу боюнча мыйзам талаптарынын сакталбашы**

**Аныкталды жана корутунду**

№108 КЛ, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун 6-главасынын, "Негизги каражаттардын балансынан чыгару" тартибин бузуу менен, бухгалтердик эсептен бюджеттик каражаттарды башкы тескөөчүсү уруксатысыз, автотранспорт каражаттарын эсептен чыгарууда транспорт каражаттарынын канча жүргөндүгү көрсөтүлбөстөн жана агрегаттарына жана деталдарына жана аны ажыратуудан алынган негизги деталдарды жана түйүндөрдү андан ары пайдалануу мүмкүндүгүнө техникалык мүнөздөмө берилбестен, транспорттук каражаттар негизсиз чыгарылып кара темир катары сатылган. Ошондой эле, сатуудан түшкөн 227,6 миң сом, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 104-беренесинин 3-пунктун бузуу менен, бирдиктүү казыналык эсепке которулбастан мекеменин кассасына кириштелбей туруп

жана мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболору жүргүзбөстөн “Daewoo matiz” үлгүсүндөгү автомашинасын сатып алуу үчүн жеке эсептик счет аркылуу 14.01.2024-жыл күнү 113 560 сом, жана 29.04.2024-жыл күн актынын негизинде 100,0 миң сом акча каражаты накталай берүү жолу менен чыгымдалган. Калган 14,0 миң сом башка кызматтарга чыгымдалган.

**Сунуштама**

№108 КЛ, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 131-беренесине ылайык 227,6 миң сом тиешелүү бюджетке которулсун жана бюджеттик мыйзамдарды бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Негизги каражаттарды эсептен чыгаруу аталган Жобонун “Негизги каражаттардын балансынан чыгаруу тартиби” параграфынын талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

“Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 6-главасынын 5-параграфынын талаптарын бузуу менен, баланстык баасы **390,3 миң сомдук** негизги каражаттарды баланстан негизсиз чыгаруулар орун алган, төмөндөгү мекемелерде: №4 Кесиптик окуу жайы – 144,5 миң сом (бүгүнкү күндө №1 Кесиптик окуу жайы мекемеси), №5 кесиптик окуу жайы” – 121,0 миң сом (бүгүнкү күндө №1 кесиптик окуу жайы мекемеси), №6 кесиптик окуу жайы” – 17,3 миң сом (бүгүнкү күндө №1 кесиптик окуу жайы мекемеси), №7 кесиптик окуу жайы” – 107,5 миң сом (бүгүнкү күндө №1 кесиптик окуу жайы мекемеси).

**Сунуштама**

Негизги каражаттарды баланстан негизсиз чыгарууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын, жана баланстык баасы 390,3 миң сомдук негизги каражаттар ордуна коюлуп, эсеп боюнча калыбына келтирилсин, төмөндөгү мекемелерде: №4 Кесиптик окуу жайы” – 144,5 миң сом (бүгүнкү күндө №1 Кесиптик окуу жайы мекемеси), №5 Кесиптик окуу жайы” – 121,0 миң сом (бүгүнкү күндө №1 Кесиптик окуу жайы мекемеси), №6 Кесиптик окуу жайы” – 17,3 миң сом (бүгүнкү күндө №1 Кесиптик окуу жайы мекемеси), №7 Кесиптик окуу жайы” – 107,5 миң сом (бүгүнкү күндө №1 Кесиптик окуу жайы мекемеси).

**Дебитордук жана кредитордук карыздарды эсепке алуу**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 7-главасынын, “Дебитордук карызды эсепке алуу” параграфынын юридикалык жактар менен эсептешүүнү эсепке алуу бөлүгүн бузуу менен, бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн **4 228,0 миң**

**сомдук** дебитордук карыздар төмөндөгү мекемелерде аныкталган: №18 КЛ – 3,8 миң сом, №27 КЛ – 30,7 миң сом (аудит учурунда бухгалтердик маалымкат түзүлүп балансқа алынды), №4 КЛ – 186,6 миң сом, №55 КЛ – 5,5 миң сом (аудит учурунда бухгалтердик маалымкат түзүлүп балансқа алынды), №68 КЛ – 78,6 миң сом, №61 КЛ – 40,0 миң сом, №46 КЛ – 742,5 миң сом, №12 КЛ – 569,6 миң сом (аудит учурунда бухгалтердик маалымкат түзүлүп балансқа алынды), Кыргыз-Өзбек КЛ – 84,2 миң сом (аудит учурунда бухгалтердик маалымкат түзүлүп балансқа алынды), №109 КЛ – 47,4 миң сом, №3 Кесиптик окуу жайы (бүгүнкү күндө №1 Кесиптик окуу жайы)– 53,7 миң сом, №61 КЛ – 40,0 миң сом, №114 КЛ – 271,9 миң сом, А. Өмүралиев атындагы №26 КЛ – 809,1 миң сом, К. Жакыпов атындагы №30 КЛ – 14,4 миң сом (аудит учурунда бухгалтердик маалымкат түзүлүп балансқа алынды), У. Иманалиев атындагы №32 КЛ – 94,5 миң сом, М.Мырзабеков атындагы №87 КЛ – 414,1 миң сом, №65 КЛ – 741,4 миң сом,

**Сунуштама:**

“Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобого ылайык дебитордук карыздарды эсепке алуу боюнча өз убагында жана толук чагылдыруу бөлүгүндө аткарылышы камсыздалсын.

Тиешелүү бухгалтердик жазууларды жүргүзүү жана бухгалтердик эсепке алуу боюнча дебитордук карыздардын суммалары төмөндөгү мекемелерде калыбына келтирилсин: А. Өмүралиев атындагы №26 КЛ – 809,1 миң сом, .№18 КЛ – 3,8 миң сом, №4 КЛ – 186,6 миң сом, №68 КЛ – 78,6 миң сом, №61 КЛ – 40,0 миң сом, №46 КЛ – 742,5 миң сом, №109 КЛ – 47,4 миң сом, №3 Кесиптик окуу жайы (бүгүнкү күндө №1 Кесиптик окуу жайы)– 53,7 миң сом, №61 КЛ – 40,0 миң сом, №114 КЛ – 271,9 миң сом, У. Иманалиев атындагы №32 КЛ – 94,5 миң сом, М.Мырзабеков атындагы №87 КЛ – 414,1 миң сом, №65 КЛ – 741,4 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

“Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 8-главасынын, “Милдеттенмелерди эсепке алуу” бөлүгүн бузуу менен, бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн **500,5 миң сомдук** кредитордук карыз аныкталган, төмөндөгү мекемелерде: №18 КЛ – 389,0 миң сом, №39 КЛ – 111,5 миң сом,

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө” Жобонун “Милдеттенмелерди эсепке алуу” бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын, төмөндөгү мекемелерде: №18 КЛ, №39 КЛ,

Тиешелүү бухгалтердик жазууларды жүргүзүү менен **500,5 миң сомдук** кредитордук карыздар эсепке алынсын, төмөндөгү мекемелерде: №18 КЛ – 389,0 миң сом, №39 КЛ – 111,5 миң сом,

**Аныкталды жана корутунду**

“Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 6-главасынын, “Негизги каражаттардын балансынан чыгаруу тартиби” параграфынын талаптарын бузуу менен, №4 КЛ, 2025-жылдын 10-июнунда өткөрүп берүү актысынын негизинде №47 КЛ өткөрүп берилип, бирок “КамАЗ 53202”, мамлекеттик номери 6156 ВА баштапкы баасы 104,1 миң. сомдук транспорттук каражат бухгалтердик баланстан чыгарылган эмес.

**Сунуштама**

№4 КЛ, “Негизги каражаттардын балансынан чыгаруу тартиби” параграфынын ченемдерине ылайык өткөрүлүп берилген транспорттук каражаттарды бухгалтердик баланстан чыгарууну кароону.

**Аныкталды жана корутунду**

№108 КЛ, аталган Жобонун 7-главасынын, “Накталай акчаны эсепке алуу жана сактоо” бөлүгүн бузуу менен, **118,0 миң сом** накталай каражаттары кабыл алынган.

**Сунуштама**

№108 КЛ, “кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин бузгандыгы үчүн кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

№29 КЛ, Жобонун 5-главасынын “Чыгымдарды эсепке алуу” параграфынын 106-пунктунун талаптарын бузуу менен, “Эмгек акы боюнча төлөмдөр жана чегерүүлөрдүн жыйындысы” отчету менен Форма 2 “Бюджеттик каражаттардын сметасын аткаруу жөнүндө” отчетунун шайкеш келбестиги 51,2 миң сомду түздү.

**Сунуштама**

№29 КЛ, Кыргыз Республикасынын каржы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 5-главасынын “Чыгымдарды эсепке алуу” параграфынын 106-пунктунун талаптарына ылайык, сметалык чыгаша беренелери боюнча анык чыгымдардын суммасын тактап, дал келтирүү менен бирге бухгалтердик баланстын туура түзүлүүсүн көзөмөлдөсүн.

**Ижара мамилелери**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин 101-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” жобону бузуу менен **276,3 миң сом** ижара акылары республикалык бюджетке которулган эмес, төмөндөгү мекемелерде: №10 КЛ – 114,3 миң сом, №39 КЛ – 162,0 миң сом.

**Сунуштама**:

Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин 101-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” Жобонунун талаптарына ылайык, ижара акыларын өз убагында тиешелүү бюджетке которуу көзөмөлдөнсүн, жана тиешелүү бюджетке которулсун, төмөндөгү мекемелерде: №10 КЛ – 114,3 миң сом, №39 КЛ – 162,0 миң сом.

**Мамлекеттик сатып алуулар**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 10-беренесин бузуу менен сатып алуулар жөнүндө кулактандыруулар электрондук веб-порталга жарыяланбастан, сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзбөстөн **316,5 миң сомго** сатып алуулар жүргүзүлгөн, анын ичинен: №91 КЛ – 280,3 миң сом, №17 КЛ – 30,8 миң сом, №42 КЛ – 5,4 миң сом;

Аталган Мыйзамдын:

9-беренесин бузуу менен товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү бир булактан сатып алууда жалпы **3 702,6 миң сомго** баалардын мониторинги жүргүзүлгөн эмес, төмөндөгү мекемелерде: №3 КЛ- 94,2 миң сом, №5 КЛ – 1 162,3 миң сом, №27 КЛ – 403,9 миң сом, №4 КЛ – 531,6 миң сом, У. Иманалиев атындагы №32 КЛ – 94,5 миң сом, М.Барашов атындагы №40 КЛ – 35,4 миң сом, №55 КЛ – 16,0 миң сом, №82 КЛ – 49,9 миң сом, №22 КЛ – 110,4 миң сом, №76 – 497,7 миң сом, №12 КЛ – 207,2 миң сом, №62 КЛ – 345,4 миң сом, Кыргыз-Өзбек КЛ – 154,1 миң сом;

- 17-беренесининин 3-пунктунун талаптарын бузуу менен, ар бир чыгымдар беренесинен 200 000 сомдон ашкан **548,4 миң сомго** сатып алууларды жүргүзүлгөн, төмөндөгү мекемелерде: №46 КЛ – 159,6 миң сом, №23 КЛ – 229,2 миң сом, №46 КЛ – 159,6 миң сом;

- 50-беренесин бузуу менен контракты аткарууну кепилдик камсыздоосуна **232,3 миң сом** депозиттик эсептерге түшкөн эмес. төмөндөгү мекемелерде: №75 КЛ – 137,6 миң сом, №63 КЛ – 28,7 миң сом, №68 КЛ – 66,0 миң сом;

- 26-беренесининин 5-пунктунун талаптары сакталбастан, сунуштамага кепилдик камсыздоо депозиттик эсепке төлөнбөгөндүгүнө карабастан, катышуучуларды жеңүүчү катары тандап, **114,6 миң сомго** келишимдер түзүлгөн, төмөндөгү мекемелерде: №68 КЛ - 100,0 миң сом, №29 КЛ – 14,6 миң сом;

- 17-беренесининин 3-пунктунун талаптарын бузуу менен №109 КЛ мурда түзүлгөн контракттын наркынын 10 пайызынан ашкан 37,7 миң сомго келишим түзүлүп ашыкча которулган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамына ылайык, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулардын жүргүзүлүшүнө көзөмөл күчөтүлсүн жана мамлекеттик сатып алууларга жооптуу кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу максатында иш-чаралар жүргүзүлсүн жана жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

№91 КЛ, сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзбөстөн сатып алууларга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 16-январындагы № 8-т тескемеси менен "Сатып алуулар борбору" мамлекеттик мекемеси тарабынан борборлоштурулуп сатып алынуучу товарлардын тизмегине кирген товарларды жана жабдууларды **139,7 миң сомго** өз алдынча сатып алууларды жүргүзүшкөн, төмөндөгү мекемелерде: №81 КЛ – 27,7 миң сом, №39 КЛ – 112,0 миң сом,

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен аныкталган товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө өз алдынча сатып алууларды өткөрүү токтотулсун, төмөндөгү мекемелерде: №81 КЛ, №39 КЛ,

**Башка бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду**

“Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 312-пунктун бузуу менен жумуштарды аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө 100 пайыз төлөмдөр **1 552,5 миң сом** алдын-ала которулуп берилген, анын ичинде: №112 КЛ – 1 089,4 миң сом, №48 КЛ – 161,5 миң сом, №31 КЛ – 301,6 миң сом,

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосунун 312-пунктунун талаптарынын аткарылышы көзөмөлдөнсүн жана алдын-ала которуп берүүлөргө жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын, төмөндөгү мекемелерде: №112 КЛ, №48 КЛ, №31 КЛ

**Аныкталды жана корутунду**

№12 КЛ, башкы баланстык наркы **1307,3 миң сомду** түзгөн ашкананын имараты, жалпы аянты 509,2 кв.м., Ош шаарынын мэриясы тарабынан шаардыктарга ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында А. Осконалиева №1 көчөсүндө жайгашкан окуу жайдын негизги окуу корпусу менен ашкананын ортосуна чоң жол курулуп, бул объектилердин ортосунан өткөн суу түтүктөрү, саркынды суу түтүктөрү жана электр жарык байланыштары

алынган. Натыйжада ашкананын имараты бүгүнкү күнгө чейин пайдаланылбайт.

**Сунуштама**

№12 КЛ, бухгалтердик балансында катталган ашкананын имаратын максатына ылайык пайдаланышына иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Азия өнүктүрүү банкынын “Секторду өнүктүрүү долбоору: мектептеги билим берүүнү реформалоо” долбоору**

Кыргыз Республикасы менен Азия Өнүктүрүү Банкынын ортосундагы гранттык жана кредиттик макулдашууларга 2023-жылдын 21-июлунда кол коюлуп, 2024-жылдын 27-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан ратификацияланган жана 2024-жылдын 12-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти кол койгон. Долбоор 2024-жылдын 18-июлунда күчүнө кирген.

Министрлик долбоордун Аткаруучу агенттиги (АА) болуп саналат.

Кредиттик келишим 2023-жылдын 21-июлундагы 4217-KGZ(COL) суммасы 20 000,0 миң АКШ доллары жана Гранттык келишим 2023-жылдын 21-июлундагы 0851-KGZ суммасы 5 000,0 миң АКШ доллары. Жогорудагы кредиттик каражаттар келишимде көрсөтүлгөндөй билим берүү тармагын реформалоого, анын ичинде: курулуш иштерине 3 519,0 миң АКШ доллары, шаймандарды сатып алууга 10 319,0 миң АКШ доллары, тренингдерди уюштурууга 500,0 миң АКШ доллары, консультанттардын кызматына 1 109,0 миң АКШ доллары, долбоорду башкарууга 1 568,0 миң АКШ доллары, пайыздык төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн 366,0 миң АКШ доллары каралган. Ал эми, бөлүштүрүлбөгөн сумма 2 619,0 миң АКШ долларын түзгөн. Гранттык каражаттардан тренинг уюштурууга 3 388,0 миң АКШ доллары, консультанттардын кызматына 891,0 миң АКШ доллары каралган, бөлүштүрүлбөгөн суммасы 721,0 миң АКШ долларын түзгөн.

Гранттык келишимдин (2023-жылдын 21-июлундагы 0852-KGZ) суммасы 15000,0 миң АКШ доллары. Жогорудагы гранттык каражаттар боюнча келишимде максаты так көрсөтүлгөн эмес, б.а. долбоордун кызматкерлеринин түшүндүрмөсүнө ылайык гранттык каражаттар транш негизинде эки бөлүнүп Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине которулуп берилет. Биринчи транш 5000,0 миң АКШ доллары которулуп берилген, экинчи транш 10 000 миң АКШ доллары белгиленген шарттары аткарылган учурда, кайсы максаттарга берилери белгисиз.

**Аныкталды жана корутунду**

2024-жылга долбоордун бекитилген бюджети 1055,0 миң АКШ доллары, иш жүзүндө аткарылганы 131,7 миң АКШ долларды, же бекитилген бюджеттин 12,5% түзгөн. Бекитилген бюджеттин аткарылбай калышы негизинен 2024-жылдын 4-кварталында автоунааны сатып алуу 60,0 миң АКШ доллары, оргтехника сатып алуу 40,0 миң АКШ доллары, эмерек сатып алуу 3,0 миң АКШ доллары, курулуш жумуштарын проектисине каралган 148,5 миң АКШ долларына пландалган сатып алуулар жүргүзүлбөгөндүктөн,

2024-жылы 251,5 миң АКШ доллары (21 880,5 миң сом) өздөштүрүлбөй калган.

План боюнча 23 орто мектептердин жана Кыргыз билим академиясынын имаратынын оңдоо иштеринин сметалык долбоорлору документтери 2024-жылдын 4-кварталында башталуусу керек болсо, иш жүзүндө 2025-жылы кечиктирилип башталган.

**Сунуштама**

Өз убагында каражаттардын өздөштүрүлбөй калышы талдансын.

**Азия өнүктүрүү Банкы "Инклюзивдүү өсүү үчүн көндүмдөр" долбоору боюнча**

Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 21-декабрындагы № 212 (17) Мыйзамы менен ратификацияланган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Азия өнүктүрүү банкынын ортосунда 2017-жылдын 13-декабрында түзүлгөн № 0553-KGS (SF) гранттык келишимдин негизинде "Инклюзивдүү өсүү үчүн көндүмдөр" долбоору 2019-жылдан тартып Азия өнүктүрүү банкы тарабынан ишке ашырылып келүүдө.

Долбоордун негизги максаты – эмгек базарынын учурдагы талаптарына жооп берген инклюзивдүү башталгыч жана кесиптик билим берүү системасын түзүү, ошондой эле ишкердик көндүмдөрдү өнүктүрүү. Программа төмөнкү үч негизги иш-чараны камтыйт:

-Башталгыч жана кесиптик билим берүү уюмдарынын (КББ) башкаруу жана каржылык мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүү;

-Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана окуу шарттарын жакшыртуу;

-Өндүрүш менен кызматташууну өнүктүрүү жана ишкердик көндүмдөрдү калыптандыруу.

Программанын жалпы бюджети 21 600,0 миң АКШ долларын түзөт, анын ичинен:

Азия өнүктүрүү банкынын каражаттары – 18 000,0 миң АКШ доллары;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары – 3 600,0 миң АКШ доллары.

2024-жылы программанын алкагында жалпы 291 147,6 миң сом (3 346,5 миң АКШ доллары) өздөштүрүлгөн. Анын ичинен Азия өнүктүрүү банкынын каражаттарынын эсебинен 255 512,4 миң сом (2 936,9 миң АКШ доллары), ал эми Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттарынын эсебинен 35 635,2 миң сом (409,6 миң АКШ доллары) өздөштүрүлгөн.

№ 0553-KGS (SF) гранттык келишимине ылайык, Азия өнүктүрүү банкынын салымы 16 360,0 миң АКШ долларын түзөт. Аталган каражаттар жумуштарды, товарларды, консультациялык кызматтарды, тренингдерди өткөрүүгө жана административдик чыгымдарды каржылоого багытталган.

Мындан тышкары, бөлүштүрүлбөгөн каражаттардын көлөмү 1 640,0 миң АКШ долларын түзөт.

"Элдик Банк" ААКсында ачылган эсептеги каражаттарынын калдыгына

эсептелген пайыздык кирешелер “Башка кирешелер” эсебинде эсепке алынат.

2024-жылы эсептелген пайыздык кирешенин суммасы 1 516,4 миң сомду түзгөн. Аталган каражат 2025-жылдын 28-январында толугу менен Борбордук казынага которулган.

**Аудиттин жыйынтыктары боюнча:**

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине - отчет;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине - отчет;
- Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине - отчет, жазма буйрук жана сунуштама жөнөтүлсүн.

Мындан сырткары, Ош областынын прокуратурасына, №65 Кесиптик лицейинде аныкталган 163,0 миң сомдук бюджеттик жоготуулар жана 741,4 миң сомдук жашырылган дебитордук карыздар боюнча аудиттин жыйынтыктары жөнүндө маалыматтар (21.05.2026-жылдагы №01-3/359 кат), жана Нарын областтык прокуратурасына Нарын областынын билим берүү усулдук борборунда 211,0 миң сом акча каражаттар жеке эсептик счетуна которулуп максатсыз пайдалангандыгы тууралуу материалдар (30.12.2025-жылдагы №01-16/309 кат) тиешелүү кароо үчүн жөнөтүлгөндүгү эске алынсын.

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору А.А. Раматиллаевдин, 2026-жылдын 20-апрелинен тартып З.А. Сатаевдин жетекчилиги алдында, башкы мамлекеттик инспекторлор Т. Исанов, Н. Тургунбаев, А. Токоматов, Н. Кайимов, Б. Жумаев, К. Чымылдаков, З. Солпуева, мамлекеттик инспекторлор Кутпидин уулу А., М. Макешов, А. Аттокуров, А. Абдуллаев, Н. Шабыралиев, К. Төрөбеков, Р. Иманбаев, И. Сабырканов, Н. Жолдошев, С. Курманбекова, С. Султанмуратов, Т. Орозбаев, курулуш боюнча мамлекеттик инспекторлор Д. Кубанычбеков, А. Ажибеков, жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек ш., Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош ш., Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн инспекторлору тарабынан жүргүзүлгөн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **З.А. Сатаев**